Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

WWW.ERKINTOO.KG Жума, 2021-жылдын 3-сентябры №93 (3272)

Искендербек АЙДАРАЛИЕВ:

«ПРЕЗИДЕНТТИН ЖАШТАРДЫ БИЙЛИККЕ ТАРТУУ САЯСАТЫ ТУУРА...»

12-13-БЕТТЕРДЕ

Сайрагүл АТАЕВА:

«БИЛИМ САПАТЫНЫН ЖОГОРУЛАГАНЫ БАЙКАЛУУДА»

11-БЕТТЕ

Максатбек АКУНОВ:

«ЫНТЫМАК ӨКҮМ СҮРГӨН ЖЕРДЕ ИЙГИЛИКТЕР ЖАРАЛАТ»

24-БЕТТЕ

КООПСУЗДУК КӨҢҮЛ БОРБОРУНДА

Президент Садыр Жапаров 1-сентябрда, Жамааттык коопсуздук келишим уюмунун (ЖККУ) Башкы катчысы Станислав Засьты кабыл алды. Тараптар уюм алкагында өз ара аракеттенүүнүн, регионалдык коопсуздукту жана туруктуулукту камсыздоонун актуалдуу маселелерин ошондой эле, Дүйшөмбү шаарында өтө турган ЖККУ саммитин талкуулашты. Анда Садыр Жапаров Кыргызстан ЖККУ алкагында ага мүчө мамлекеттер менен кызматташтыкка чөлкөмдөгү коопсуздуктун гаранты катары өзгөчө маани берерин белгиледи. Анын айтымында, уюм жоопкерчилигинин аймагындагы коркунуч деңгээлинин өсүшү тыгыз өз ара аракеттенүүнү талап кылат. Тобокелдиктерди нейтралдаштыруу жана зарыл болгон учурда ыкчам реакция кылуу даярдыгынын жогорку деңгээлин кармап туруу зарыл. Ал эми Станислав Засьтын Садыр Жапаров менен жолугушууну канааттануу менен белгилеп, анын Борбордук Азия регионундагы кырдаалга байланыштуу зарылдыгын билдирди. Башкы катчы учурдан пайдаланып, Президентти Кыргызстандын көз карандысыздыгынын 30 жылдыгы менен куттуктап, ийгилик, өлкө элине гүлдөп өнүгүүнү каалады.

БИЛИМДҮҮ ЖАШТАР – ӨЛКӨНҮН КЕЛЕЧЕГИ

Бул тууралуу Министрлер Кабинетинин Төрагасы Улукбек Марипов Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына карата уюштурулган Түрк кеңешинин жаш лидерлеринин III форумунда билдирип, “Биз жаштардын дараметин ачып, алардын инсан катары калыптанышына бардык шарттарды түзүшүбүз зарыл. Жаштарга инвестиция салуу керек. Бул келечекте жаштарды аймактарды жана жалпы өлкөнү башкаруу жана өнүктүрүү процесстерине интеграциялоо үчүн мүмкүнчүлүк түзөт. Бул форум прогрессивдүү жаштарды өнүктүрүүнүн, пикир жана сунуштарды алмашуунун натыйжалуу аянтчасы болсун”, – деди. Ош шаарында өткөн форумга Кыргызстан, Азербайжан, Казакстан, Түркия, Өзбекстандан келген жаш делегаттар, активдүү жаштар катышты.

Форумдун максаты – аймакты жана жаштар саясатын өнүктүрүү алкагында тажрыйба алмашуу, аймактын туристтик дараметин өнүктүрүүгө кошумча дем берүү, түрк тилдүү элдердин боордоштук жана достук мамилесин чыңдоо.

Форумдан соң Улукбек Марипов ОшМУнун медицина факультетинин окуу-лабораториялык корпусунун ачылыш аземине катышты. Бул жаңы окуу корпусунда кесиптик медициналык билим алуу үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Корпус эң алдыңкы жабдуулар, уникалдуу электрондук китепкана, практикалык билимди бекемдөө үчүн окуу-медициналык тренажёрлор менен жабдылган.

БАТКЕНДЕ БИР КАТАР ИШКАНА АЧУУГА БОЛОТ

2-сентябрда «Кабар» маалымат агенттигинде экономика жана финансы министрлигинин орун басары Жарасул Абдраимов «Менчикти коргоо жана ишкерлер менен инвесторлорду колдоо жөнүндө» Президенттин Жарлыгынын аткарылышы боюнча жыйын өткөрдү. Жыйында ишкерлерди колдоо, ишканаларды көбөйтүү керектигин баса белгилеп, бир катар мисалдарды келтирди.

«Азыркы учурда Баткен облусу боюнча Өкмөттүн атайын Тескемеси кабыл алынып, пландар каралып жатат. Баткен облусунда кен байлыктар көп. Ошондуктан, губернатор, акимдерге бизнес-долбоорлордун үлгүлөрүн жөнөттүк. Алар өздөрүнүн адистери менен карап чыкандан кийин, ишке киргизсек болот. Мисалы, Лейлек районуна айнек, шише бөтөлкөсүн чыгара турган чоң ишкана ачса болот. Себеби, Лейлектеги тазалыгы 92-94%ды түзгөн кварц куму бар, кору да абдан көп. Мындан чоң бизнес жасоого болот. Баткенде «Алыш-Дан» деген мөмө-жемиш иштетүүчү ишкана бар. Буга чейин жөнөкөй техникалар менен иштетилип келсе, ишканаңы өнүктүрүү үчүн жаңы технологияларды алып беребиз. Замандын талабына ылайык, ишкерлер дагы жаңы техника менен камсыз болушу керек. Муну өзүм көзөмөлдөп жатам. Баткен облусу өрүкзарлуу эмеспи, өзүбүздөн чыккандарды өзүбүз кайра иштетип, чоң киреше табышыбыз керек», - деди министрдин орун басары.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 8-ИЮЛУНДАГЫ «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ АНТИКОРРУПЦИЯЛЫК ИШКЕРДИК КЕҢЕШ ЖӨНҮНДӨ» ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 8-июлундагы №293 «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Антикоррупциялык ишкердик кеңеш жөнүндө» Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Антикоррупциялык ишкердик кеңеш жөнүндө жободо:

10-пункттун онунчу абзацы күчүн жоготту деп табылсын;

11-пункттун бешинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- бизнес-сектордун, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишиндеги коррупциялык тобокелдиктерди жана факторлорду алдын алуу боюнча чараларды биргелешип иштеп чыгуу процессине бизнес-коомчулуктун жана жарандык коомдун өкүлдөрүн тартууга жана алардын демилгелерин кароого.»;

15-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«15. Каралып жаткан маселелер боюнча чечимдер Кеңештин катышып жаткан мүчөлөрүнүн жалпы санынын жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана Кеңештин жыйналышынын протоколу түрүндө таризделет.».

22-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«22. Башкы катчы Кеңештин төрагасы менен макулдашуу боюнча Кеңештин катчылыгынын түзүмүн жана штаттык расписаниесин бекитет.»;

28-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«28. Кеңештин башкы катчысы төмөнкүлөргө укуктуу:

- мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан Кеңештин иши үчүн зарыл болгон маалыматты сурооого;

- айрым маселелерди талкуулоо жана Кеңештин жыйналышын даярдоо боюнча мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын катышуусунда жумушчу кеңешмелерди өткөрүүгө;

- Кеңештин рекомендацияларын жана сунуштарын кароого мониторинг жүргүзүүнү камсыздоого;

- Кеңештин төрагасына баяндама каттарды даярдоого, Кеңештин рекомендацияларын жана сунуштарын кароо жөнүндө Кеңештин мүчөлөрүнө маалымдоого;

- коррупцияга каршы аракеттенүү, бизнес-чөйрөнү жана инвестициялык климатты жакшыртуу маселелери боюнча министрликтердин, мамлекеттик органдардын жана ведомстволордун, жарандык коомдун жана бизнес-коомчулуктун өкүлдөрүнүн сунуштарын жалпылоого;

- бизнес-коомчулукта жана жарандык коомдо келип чыккан көйгөйлүү маселелерди ыкчам тартипте чечүү үчүн эксперттик топторду түзүү жөнүндө сунуш менен тиешелүү мамлекеттик органдарга кайрылууга;

- Кеңештин жыйналыштарын даярдоого катышууга;

- катчылыктын ишин жетектөөгө;

- штаттык расписаниенин чегинде катчылыктын кызматкерлерин жалдоо жана бошотуу жөнүндө буйруктарды чыгарууга жана катчылыктын иши үчүн зарыл болгон башка чечимдерди кабыл алууга.».

2. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2021-жылдын 27-августу, ПЖ №369

ЖУСУП АБДРАХМАНОВГО (КАЗА БОЛГОНДОН КИЙИН) "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БААТЫРЫ" ЭҢ ЖОГОРКУ АРТЫКЧЫЛЫК ДАРАЖАСЫН ЫЙГАРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Мамлекеттин жана Кыргызстан элинин алдында сиңирген көөнөрбөс эмгеги жана туулган күнүнүн 120 жылдыгына байланыштуу советтик мамлекеттик жана партиялык ишмер Жусуп Абдрахмановго "Ак Шумкар" өзгөчө белгисин тапшыруу менен "Кыргыз Республикасынын Баатыры" эң жогорку артыкчылык даражасы ыйгарылсын (каза болгондон кийин).

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2021-жылдын 27-августу, ПЖ №361

С.А.СУЮМБАЕВГЕ (КАЗА БОЛГОНДОН КИЙИН) "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БААТЫРЫ" ЭҢ ЖОГОРКУ АРТЫКЧЫЛЫК ДАРАЖАСЫН ЫЙГАРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Мамлекеттин жана Кыргызстан элинин алдында сиңирген өзгөчө эмгеги, Мекенге жан аябас кызмат кылгандыгы үчүн советтик мамлекеттик жана партиялык ишмер Суюмбаев Ахматбек Суттубаевичке "Ак Шумкар" өзгөчө белгисин тапшыруу менен "Кыргыз Республикасынын Баатыры" эң жогорку артыкчылык даражасы ыйгарылсын (каза болгондон кийин).

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2021-жылдын 27-августу, ПЖ №362

БАЮМИ САИД МОХАМЕД ЕЛСАИДДИ "ДОСТУК" ОРДЕНИ МЕНЕН СЫЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүгө кошкон олуттуу салымы, көп жылдык ак ниет эмгеги жана активдүү кайрымдуулук иши үчүн "Бүткүл дүйнөлүк жаштар ассамблеясы" коомдук бирикмесинин президенти Баюми Саид Мохамед Елсаид "Достук" ордени менен сыйлансын.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2021-жылдын 27-августу, ПЖ №363

РЕСПУБЛИКАЛЫК "АЛТЫН ТҮЙҮН" БАЛДАР ИНЖЕНЕРДИК-ТЕХНИКАЛЫК АКАДЕМИЯСЫНА "УЛУТТУК" СТАТУСУН ЫЙГАРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Мектептен тышкаркы кошумча билим берүү жаатында өзгөчө сиңирген эмгеги, ошондой эле өсүп келе жаткан муунду тарбиялоодо олуттуу салым кошкондугу үчүн, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

1. Республикалык "Алтын түйүн" балдар инженердик-техникалык академиясына "улуттук" статусу ыйгарылсын жана мындан ары "Алтын Түйүн" улуттук балдар инженердик-техникалык академиясы" деп аталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети өзүнүн чечимдерин бул Жарлыкка ылайык келтирсин.

3. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын билим берүү, илим, маданият, спорт жана жаштар бөлүмүнө жүктөлсүн.

4. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2021-жылдын 1-сентябры, ПЖ №371

СЫЙЛЫК-СЫЙМЫК

Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоо жөнүндө” Жарлыгына ылайык көп жылдык үзүрлүү эмгеги, Кыргыз Республикасынын Конституциясын иштеп чыгууга активдүү катышкандыгы үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгынын 30 жылдыгына байланыштуу төмөнкүлөр **сыйланышты:**

III даражадагы "Манас" ордени менен:

Тогусаков Осмон Асанкулович - Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын вице-президенти;

"Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген юристи" ардак наамы ыйгарылды:

Борубашов Бекбосун Ишенбековичке - Кыргыз Республикасынын Президентинин кеңешчиси, **Аманалиев Урмат Олжобековичке** - Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын мамлекеттик башкаруу жана укук кафедрасынын доценти, **Токтобаев Болот Токтомышевичке** - Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридикалык факультетинин мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасынын башчысы;

"Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер" ардак наамы ыйгарылды:

Ботоева Чынара Кычийевнага - Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Э.Алиев атындагы Академиясынын мамлекеттик-укуктук сабактар кафедрасынын начальниги;

Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланышты:

Иманкулов Муратбек Калматович - Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Кыргыз билим берүү академиясынын социалдык билим берүү лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери, **Исмаилов Нурлан Асанович** - "Ала-Тоо" эл аралык университетинин юриспруденция кафедрасынын башчысы, **Малабаев Болот Нурбаевич** - Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин докторанты, доцент, **Нурматов Темирбек Асанович** - Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Бишкек шаардык аймактык адвокатурасынын адвокаты, **Омурзаков Аманбай Токторович** - "Фондрегистр" жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы директору.

***

Саламаттык сактоо тармагындагы жетишкендиктери жана көп жылдык ак ниет эмгеги үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгынын 30 жылдыгына байланыштуу төмөнкүлөр:

сыйланды:

"Даңк" ордени менен:

Уметалиев Юсупжан Калжигитович - И.К.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын оперативдик хирургия курсу менен госпиталдык хирургия кафедрасынын профессору;

И.К.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы;

"Даңк" медалы менен

Сарногоев Эсенбай Кондубаевич - Талас облустук согуштун жана эмгектин ардагерлеринин ооруканасынын башкы врачы;

ыйгарылды:

“Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы” ардак наамы:

Аккозова Улпаткан Акматалиевнага - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин Түштүк региондук жүрөк-кан тамыр хирургиясы илимий борборунун кардиологу, **Арстанбекова Саадат Садырматовнага** - Бишкек шаарынын Биринчи май райондук бириккен үй-бүлөлүк медицина борборунун Үй-бүлөлүк медицина борборунун башкы врачы, **Асенова Жаңылканга** - Нарын облустук үй-бүлөлүк медицина борборунун врач-инфекционисти, **Ахмедов Шавкатбек Джармухамедовичке** - Жалал-Абад облустук клиникалык ооруканасынын ультра үн менен изилдөө бөлүмүнүн башкы адиси, **Базарбаев Акжолго** - Баткен облусунун Лейлек райондук жалпы дарыгердик практика борборунун №7 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун жетекчиси, **Боромбаев Малыш Шерматовичке** - Ош шаардык клиникалык ооруканасынын анестезиология жана реаниматология бөлүмүнүн анестезиолог-реаниматолог врачы, **Дуйшеналиев Токтошко** - Нарын облусунун Жумгал райондук жалпы дарыгердик практика борборунун врач-педиатры, **Дюшенбаев Шамил Шаршековичке** - Бишкек травматология жана ортопедия илимий-изилдөө борборунун балдар ортопедиясы бөлүмүнүн травматолог-ортопед врачы, **Жамгырчиева Абаткан Карыповнага** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Клиникалык оорукана" мамлекеттик мекемесинин биринчи бөлүмүнүн башчысы, **Жороева Каныгүл Саматовнага** - Баткен облустук бириккен ооруканасынын жугуштуу оорулар бөлүмүнүн башчысы, **Имакеева Суйунбубу Токтогоновнага** - Чүй облусунун Чүй райондук жалпы дарыгердик практика борборунун врач-рентгенологу, **Имакеев Нурбек Асакеевичке** - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигине караштуу Улуттук госпиталдын №2 көз микрохирургиясы бөлүмүнүн врач-офтальмологу, **Карасартова Замира Рашидовнага** - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин "Кара-Балта" республикалык кургак учукка каршы ооруканасынын башкы врачы, **Кулбачаев Бактыяр Кожоналиевичке** - Чүй облустук бириккен ооруканасынын № 2 хирургия бөлүмүнүн башчысы, **Курманалиева Сайрагул Асылбековнага** - Нарын облусунун Ат-Башы райондук жалпы дарыгердик практика борборунун №1 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун үй-бүлөлүк врачы, **Кыдыкманов Шамбет Сагындыковичке** - Ысык-Көл облусунун Ак-Суу райондук жалпы дарыгердик практика борборунун реанимация бөлүмүнүн анестезиолог-реаниматолог врачы, **Макеев Төлөнбек Кадыровичке** - Каракол райондук аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунун санитардык врачы, **Макишова Анаркан Касымбековнага** - Талас облусунун Талас райондук жалпы дарыгердик практика борборунун №1 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун үй-бүлөлүк врачы, **Малдыбаева Акиян Абдыракмановнага** - Бишкек шаарынын №1 төрөт үйүнүн башкы врачынын дарылоо иши боюнча орун басары, **Мамбеткадырова Шайырбүбүгө** - Ат-Башы аймактык ооруканасынын балдар бөлүмүнүн башчысы, **Мамырова Каныш Мокушовнага** - А.Жакишов атындагы Тогуз-Торо жалпы дарыгердик практика борборунун соматика бөлүмүнүн башчысы, **Масалиева Айсалкын Абсаматовнага** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Клиникалык оорукана" мамлекеттик мекемесинин медициналык реабилитациялоо бөлүмүнүн башчысы, врач-физиотерапевт, **Насиров Эрнисбек Булановичке** - Жалал-Абад облусунун Токтогул райондук жалпы дарыгердик практика борборунун анестезиология жана реанимация бөлүмүнүн башчысы, **Ниязов Анарбек Кулназаровичке** - Чүй облусунун Жайыл райондук жалпы дарыгердик практика борборунун хирургия бөлүмүнүн башчысы, **Ободоев Абдыгапар Исмаиловичке** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Клиникалык оорукана" мамлекеттик мекемесинин врач-инфекционисти, **Омуралиев Маматмуса Орозовичке** - Өзгөн аймактык ооруканасынын кечиктирилгис тез жардам көрсөтүү бөлүмүнүн башчысы, **Ормонбеков Акылбек Жакшыбаевичке** - Жалал-Абад облустук үй-бүлөлүк медицина борборунун Жалал-Абад шаардык кургак учукка каршы кабинетинин башчысы, **Сакеева Нурийла Джунусовнага** - Жалал-Абад облусунун Аксы райондук жалпы дарыгердик практика борборунун акушер-гинеколог врачы, **Сарыбаев Акпай Шогаибовичке** - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы академик М.Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борборунун директору, **Сасыкулова Батима Курманкуловнага** - Талас облустук үй-бүлөлүк медицина борборунун рентгенолог-эндокринолог врачы, **Ташиев Марип Усеновичке** - Ноокат аймактык ооруканасынын хирургия бөлүмүнүн башчысы, **Урумова Тумаркан Букараевнага** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Клиникалык оорукана" мамлекеттик мекемесинин врач-отоларинголог, **Ушамиева Хадича Рахимовнага** - Ысык-Көл облустук бириккен ооруканасынын врач-невропатолог, **Хамидова Абидага** - Өзгөн аймактык ооруканасынын жугуштуу оорулар бөлүмүнүн башчысы, **Элиев Ильичбек Усеналиевичке** - Ысык-Көл облусунун Ак-Суу райондук жалпы дарыгердик практика борборунун врач-дерматовенерологу, **Эшенкулова Парикан Залимтороевнага** - Жалал-Абад облусу боюнча кызматтардын ишин координациялоо функциялары менен Жалал-Абад райондор аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунун эпидемиологиялык бөлүмүнүн башчысы, **Эшмамбетов Асизбекке** - "Дордой-Офтальмик-Сервис" көз микрохирургиясы медициналык борбору" жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы директору;

"Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоосуна эмгек сиңирген кызматкер" ардак наамы:

Абдылдаев Жолдошбек Бексултановичке - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун медициналык камсыздандыруу программаларын ишке ашыруу башкармалыгынын башкы адиси, **Жунусова Дилбаркан Калыбековнага** - Ош облусунун Кара-Кулжа райондук жалпы дарыгердик практика борборунун жугуштуу оорулар бөлүмүнүн медициналык айымы, **Зулпукарова Сайрамга** - "Самаркандек" жалпы дарыгердик практика борборунун "Ак-Сай" фельдшердик-акушердик пунктунун фельдшери, Баткен облусу, **Керимкулова Айнагуль Касымалиевнага** - Бишкек шаарынын мэриясынын шаардык саламаттык сактоо башкармалыгынын медициналык жардамды уюштуруу жана электрондук саламаттык сактоо бөлүү-

(Уландысы 3-бетте)

СЫЙЛЫК-СЫЙМЫК

(Башталышы 2-бетте)

мүнүн башчысы, **Курманалиев Самсалы Оморовичке** - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинин сектор башчысы, **Маматов Ташбайга** – Ош облусунун Ноокат райондук жалпы дарыгердик практика борборунун №10 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун "Кара-Кой" фельдшердик-акушердик пунктунун башчысы;

"Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер" ардак наамы

Ырысов Кенешбек Бакирбаевичке - И.К.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын окуу иштери боюнча проректору;

Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланды:

Абдыжалалов Абылкасым - С.Жолдошев атындагы Сузак райондук аймактык ооруканасынын Чаңгыр-Таш филиалынын башкы врачы, **Адиев Абдиталып Турдуевич** - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигине караштуу Улуттук госпиталдын урология бөлүмүнүн врач-урологу, **Айыпова Динара Аалыевна** - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы академик М.Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борборунун нефрология жана гастроэнтерология бөлүмүнүн башчысы, **Акимов Кошок** - Ош шаардык клиникалык ооруканасынын урология бөлүмүнүн врач-урологу, **Ахметова Айнур Куштарбековна** - Талас облусунун Манас райондук жалпы дарыгердик практика борборунун №3 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун үй-бүлөлүк врачы, **Бактыбаева Салима Элчибековна** - Баткен облустук бириккен ооруканасынын башкы медициналык айымы, "Баткен облусунун медайым ишинин адистеринин ассоциациясы" коомдук бирикмесинин төрагасы, **Борисов Егор Юрьевич** - Бишкек шаарынын тез медицина борборунун директорунун орун басары, **Джусупов Сатарбай Сайпиевич** - Өзгөн аймактык ооруканасынын директору, **Жумабаева Райкан Батиковна** - Ысык-Көл облусунун Ак-Суу райондук үй-бүлөлүк медицина борборунун медициналык айымы, **Истамов Кылычбек Төлөгөнович** - Ош облустук кургак учукка каршы күрөшүү борборунун директору, **Каныбаев Абдилла** - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы Республикалык карантиндик жана өтө кооптуу жугуштуу оорулар борборунун Оштогу чумага каршы бөлүмүнүн башчысы, **Карабаев Жаныбек** - Жалал-Абад облустук клиникалык ооруканасынын амбулатордук-диагностикалык бөлүмүнүн башчысы, **Курбанова Мастура Нарзиевна** - Баткен облустук бириккен ооруканасынын жаңы төрөлгөн балдардын патологиясы бөлүмүнүн башчысы, Баткен облусу боюнча башкы врач-неонатологу, **Курманкулова Рахат Турмаханбетовна** - Талас облусунун Кара-Буура райондук жалпы дарыгердик практика борборунун №3 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун үй-бүлөлүк врачы, **Маматов Усакбек** - Нарын облустук үй-бүлөлүк медицина борборунун №6 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун клиникалык жетекчиси, **Мамишев Турсун Хакимович** - Ош облусунун Кара-Суу районунун Нариман аймактык ооруканасынын директорунун орун басары, **Марипов Абдирашит Маматисакович** - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы академик М.Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борборунун тоо медицинасынын илимий-изилдөө лабораториясынын башчысы, **Муратова Гулкайыр Каныбековна** - Ош облусунун Кара-Суу райондук жалпы дарыгердик практика борборунун директору, **Орозалиева Калыскан Исмановна** - Баткен облусунун Кадамжай райондук үй-бүлөлүк медицина борборунун директорунун дарылоо иши боюнча орун басары, **Орунбаева Замира Чоюбековна** - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин Жалал-Абад облусу боюнча координатору, Жалал-Абад облустук үй-бүлөлүк медицина борборунун директору, **Сарбагышова Сатынбү** - Жалал-Абад облусунун Таш-Көмүр шаарынын Кызыл-Жар айылындагы №4 республикалык психиатриялык ооруканасынын бөлүм башчысы, **Суеркулова Чолпон Бектурсуновна** - Жалал-Абад облусунун Токтогул райондук жалпы дарыгердик практика борборунун медициналык айымы, **Султанмуратова Кенжебубу Темирбековна** - №6 Бишкек шаардык клиникалык ооруканасынын врач-кардиологу, **Султанмуратов Исмаил Саидович** - Баткен облустук үй-бүлөлүк медицина борборунун директорунун дарылоо-профилактикалык иш боюнча орун басары, **Тайлакова Гулушкан Бейшеевна** - Каракол шаардык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунун башкы врачынын орун басары, **Таштаналиева Чынар Мусабаевна** - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигине караштуу Улуттук госпиталдын эндоскопия бөлүмүнүн башчысы, **Тукушева Эльмира Нарыновна** - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы Жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо илимий-изилдөө институтунун кабыл алуу блогу менен консультативдик-диагностикалык бөлүмүнүн башчысы, **Усенова Сайрагүль Пановна** - Ош облусунун Ноокат райондук жалпы дарыгердик практика борборунун директорунун дарылоо бөлүгү боюнча орун басары, **Эргешова Ибахан Мамашариповна** - Ош облусунун Кара-Суу районунун Нариман аймактык ооруканасынын кабыл алуу бөлүмүнүн улуу медициналык айымы, **Эсенбаев Эмилбек Имашевич** - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигине караштуу Улуттук госпиталдын №1 нейрожаракат бөлүмүнүн башчысы, **Эшматова Халисхон Тороханова** - Баткен облусунун Кызыл-Кыя шаарынын №1 үй-бүлөлүк медицина борборунун башкы медициналык айымы, **Юсупова Дилара Мухтаровна** - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин Республикалык дерматовенерология борборунун директору;

"АС-САФА БОРБОРУ" коомдук бирикмеси.

***

Кыргызстан менен Россиянын эриш-аркак жылынын алкагында маданият жана искусство жаатындагы эки өлкөнүн кызматташтыгын чыңдоого жана өнүктүрүүгө кошкон зор салымы үчүн төмөнкүлөр:

сыйланды:
"Данакер" ордени менен

Швыдкой Михаил Ефимович - Россия Федерациясынын Президентинин эл аралык маданий кызматташтык боюнча атайын өкүлү;

"Достук" ордени менен

Бюльбюль оглы Полад - композитор, ырчы, Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине мүчө мамлекеттердин Гуманитардык кызматташтык боюнча мамлекеттер аралык фондунун башкармасынын төрагасы;

"Даңк" ордени менен

Джумакунов Рысбек Дуйшенбаевич - Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын Ч.Исабаев атындагы "Камбаркан" фольклордук-этнографиялык ансамблинин көркөм жетекчиси жана башкы дирижёру;

"Кыргыз Республикасынын эл артисти" ардак наамы ыйгарылды:

Бекбаева Асель Амангельдыевнага - А.Малдыбаев атындагы Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын опера солисти, жетектөөчү сахна чебери, **Нургалиева Анаркуль Кабылбековнага** - Н.Тугелов атындагы "Ак-Марал" Кыргыз мамлекеттик ансамблинин көркөм жетекчиси, **Тиленчиев Карагул Амантуровичке** - А.Малдыбаев атындагы Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын башкы хормейстери;

"Даңк" медалы менен сыйланды:

Большова Анна Леонидовна - "Ленком Марка Захарова" Москва мамлекеттик театры" Москва шаарынын мамлекеттик бюджеттик маданият мекемесинин артисти, **Малышев Андрей Владимирович** - "Росконцерт" музыкалык жана фестивалдык программалардын федералдык дирекциясы" Федералдык мамлекеттик бюджеттик маданият мекемесинин башкы директору;

ыйгарылды:
"Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти" ардак наамы:

Асанов Нуржигит Рахманкуловичке - А.Малдыбаев атындагы Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын артисти, **Дуйшенбек уулу Закирбекке** - комузчу, **Кочорбаев Самат Батыркуловичке** - Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин салттык музыка жана фольклор кафедрасынын башчысы, манасчы, **Мендебаиров Назым Кенжекуловичке** - Т.Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театрынын көркөм жетекчиси, "Кыргызстан театр ишмерлер союзу" коомдук бирикмесинин мүчөсү, **Момунова Айзирек Жалиловнага** - А.Малдыбаев атындагы Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын опера солисти, **Раимбекова Заира Абдигапаровнага** - А.Малдыбаев атындагы Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын опера солисти;

"Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер" ардак наамы:

Кудинов Вячеслав Васильевичке - Ысык-Көл облусунун Каракол шаарындагы "Славяночка" элдик бий-ыр фольклордук ансамблинин жетекчиси, **Муканбетов Эрмек Бекбоевичке** - Улуттук маданий борбордун мамлекеттик жана мааракелик иш-чараларды өткөрүү бөлүмүнүн начальники, үн режиссёру;

Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланды:

Аглатова Анна Христофоровна - Россиянын Мамлекеттик академиялык Чоң театрынын опера солисти, **Аккозов Эсенбек Дуйшенбаевич** - Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын алдындагы А.Джумахматов атындагы Мамлекеттик академиялык симфониялык оркестринин артисти, **Бакытов Орозбек Абдимиталипович** - А.Малдыбаев атындагы Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын опера солисти, **Бердикулова Айнур Турсунбековна** - Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын Ч.Исабаев атындагы "Камбаркан" фольклордук-этнографиялык ансамблинин артисти, **Долотбаков Данияр Долотбакович** - А.Малдыбаев атындагы Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын опера солисти, **Иксанов Тахир Гадельзянович** - Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине мүчө мамлекеттердин Гуманитардык кызматташтык боюнча мамлекеттер аралык фондунун аткаруучу директору, **Касымов Тофик Ашимович** - Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын Ч.Исабаев атындагы "Камбаркан" фольклордук-этнографиялык ансамблинин артисти, **Николайчук Александр Алексеевич** - Н.П.Осипов атындагы Россиянын улуттук академиялык эл аспаптар оркестринин артисти, **Татаринцев Алексей Александрович** - опера ырчысы, **Токомбаев Талантбек Замирбекович** - Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын солисти, **Цветков Сергей Владимирович** - режиссёр-коюучу, балетмейстер.

***

Республиканын маданий, интеллектуалдык жана рухий потенциалын өнүктүрүүгө кошкон салымы, көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгынын 30 жылдыгына байланыштуу төмөнкүлөр:

сыйланды:
II даражадагы "Манас" ордени менен

Усенбаев Мир (Замир) Алымкулович - төкмө-акын;

III даражадагы "Манас" ордени менен:

Ахмадалиев Тулкунджан Курбанович (Адали Анатолий) - Ч.Айтматов атындагы Мамлекеттик улуттук орус драма театрынын жетектөөчү сахна чебери, **Далбаева Мираида Ускумбаевна** - театр жана кино актрисасы, "Кыргызстан театр ишмерлер союзу" коомдук бирикмесинин мүчөсү, **Ибраев Анарбек Адылович** - Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын солисти, **Казаков Тугелбай Токтогулович** - композитор, Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын "Маданият-Тарых-Тил" телеканалынын редактору, "Кыргыз Республикасынын композиторлор союзу" коомдук бирикмесинин мүчөсү, **Каныметова Кулайым Кызайбайевна** - Т.Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театрынын артисти, **Темирова Айтурган** - кино актрисасы;

"Даңк" ордени менен:

Дюшалиев Камчыбек - К.Молдобасанов атындагы Кыргыз улуттук консерваториясынын окутуучусу, **Мамашова Кутбүбү (Гүлсүн)** - ырчы, Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын музейинин башчысы;

ыйгарылды:
"Кыргыз Республикасынын эл артисти" ардак наамы:

Абдыкадыров Нурлан Джалиловичке - Ч.Айтматов атындагы Мамлекеттик улуттук орус драма театрынын коюучу-режиссёру, **Акулова Динара Догдурбаевнага** - эстрада ырчысы, "Доор" эстрадалык-фольклордук ансамблинин солисти, **Аманбаев Исирадин Абдилашимовичке** - композитор, М.Абдраев атындагы Республикалык атайын музыкалык орто мектеп-интернатынын директору, **Анникова Валентина Васильевнага** - М.Жангазиев атындагы Кыргыз мамлекеттик куурчак театрынын жетектөөчү сахна чебери, **Борбуев Берадор Смановичке** - эстрада ырчысы, "Бек" эстрадалык ансамблинин жетекчиси, **Гилка Валентина Григорьевнага** - Ч.Айтматов атындагы Мамлекеттик улуттук орус драма театрынын артисти, **Джоробекова Шакенге** - жыгач ооз комуз чебери, **Иманалиева Айчурек Асылбековнага** - эстрада ырчысы, "Айчурек" эстрада театрынын көркөм жетекчиси, **Мааданбеков Эсенбекке** - обончу, композитор, Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын алдындагы эстрада-фольклордук жана элдик бий студиясынын музыка мугалими, **Маматкулов Абдырасул Токоевичке** - эстрада ырчысы, **Мырсалиева Сайрабүбү Ажыкуловнага** - Т.Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театрынын артисти, **Омурова Берметке** - М.Рыскулов атындагы Нарын облустук академиялык музыкалык-драма театрынын артисти, **Турсунбаев Нурканбекке** - Т.Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театрынын артисти, **Ыбыкеев Бактыбек Эсентуровичке** - А.Малдыбаев атындагы Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын опера солисти, жетектөөчү сахна чебери;

"Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу" ардак наамы:

Абыкеев Чолпонбек - жазуучу, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы, **Кулмамбетов Жаныш Осмоновичке** - драматург, театр сынчысы, "Кыргызстан театр ишмерлер союзу" коомдук бирикмесинин президенти;

"Кыргыз Республикасынын эл акыны" ардак наамы:

Болгонбаев Азамат Таалайбековичке - төкмө-акын, Ш.Термечиков атындагы Чүй облустук драма театрынын директору, **Кутманалиев Амантай Токтогуловичке** - Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын "Эл ырчысы Эстебес" фольклордук тобунун төкмө-акыны, **Токтобеков Женишбек Жумакадыровичке** - төкмө-акын, **Туткучев Аалы Тологоновичке** - Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын "Эл ырчысы Эстебес" фольклордук тобунун жетекчиси, **Чотурова Бактыгүлгө** - акын, М.Жангазиев атындагы Кыргыз мамлекеттик куурчак театрынын адабий бөлүмүнүн башчысы;

"Кыргыз Республикасынын эл сүрөтчүсү" ардак наамы:

Чаланов Ишенбекке - сүрөтчү, С.А.Чуйков атындагы Кыргыз мамлекеттик көркөм сүрөт окуу жайынын атайын сабактар боюнча окутуучусу, "Кыргыз Республикасынын сүрөтчүлөр союзу" коомдук бирикмесинин мүчөсү;

"Даңк" медалы менен сыйлансын:

Мамбеталиев Сатыбалды - жазуучу, журналист, "Кыргыз Республикасынын улуттук жазуучулар союзу" жана "Кыргыз Республикасынын журналисттер союзу" коомдук бирикмелеринин мүчөсү, **Набиуллин Гусман Рахматуллович** - Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын алдындагы А.Джумахматов атындагы Мамлекеттик академиялык симфониялык оркестринин артисти, **Токтосунов Самаган Сарлыкович** - сүрөтчү, кол өнөрчү;

ыйгарылсын:
"Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти" ардак наамы:

Абдыкадырова Динара Джээнбековнага - А.Умуралиев атындагы Бишкек шаардык драма театрынын артисти, **Адылов Шекербек Кубанычбековичке** - төкмө-акын, "Айтыш" коомдук фондунун чебери, **Азиреткулов Хабибилла Мустапакуловичке** - обончу, Бишкек шаарынын Т.Сатылганов атындагы №69 мектеп-гимназиясы окуу-тарбия комплексинин музыка мугалими, **Акматов Абдыкалыкка** - театр жана кино актёру, "Кыргызстан театр ишмерлер союзу" коомдук бирикмесинин мүчөсү, **Байзакова Гүлзат Дапиевнага** - ырчы, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Армиясынын борбордук үйүнүн эстрадалык-фольклордук ансамблинин солисти, **Бакчиев Элдияр Туратбековичке** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын алдындагы "Манас" Президенттик камералык оркестри" мамлекеттик мекемесинин артисти, **Балыкбаева Сагынбүбү Таштанбековнага** - Кыргыз Республикасынын Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын К.Орозов атындагы Кыргыз мамлекеттик академиялык эл аспаптар оркестринин артисти, **Бокоева Бактыгүл Анарбаевнага** - А.Малдыбаев атындагы Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын опера солисти, жетектөөчү сахна чебери, **Джаксалиева Набира Мухамбеткалиевнага** - А.Малдыбаев атындагы Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын вокал боюнча концертмейстери, **Джумагазиев Тилек Усубалиевичке** - Т.Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театрынын артисти, **Жолдошов Кутманбек Кадыровичке** - Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын солисти, **Исмаилова Кызбурак Асамбековнага** - Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын камералык хорунун артисти, **Кадыркул кызы Дилбарканга** - Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын А.Үсөнбаев атындагы "Эл шайырлары" фольклордук тобунун артисти, **Кайыпов Өмурзак Бекмуратовичке** - Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын "Эл ырчысы Эстебес" фольклордук тобунун артисти, **Калмуратов Илимбек Жамбуловичке** - "Учур" мамлекеттик жаштар театрынын артисти, **Камилов Алимжан Шермаматовичке** - Бабур атындагы Ош мамлекеттик академиялык өзбек музыкалык драма театрынын артисти, **Кахарова Гүлнара Мамадалиевнага** - эстрада ырчысы, **Качкынова Рабигага** - М.Жангазиев атындагы Кыргыз мамлекеттик куурчак театрынын артисти, **Качкыналиев Уланбек Эшимбековичке** - Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын солисти, **Козубаев Махаматжан Бабаевичке** - А.Жайнаков атындагы Баткен облустук академиялык музыкалык драма театрынын артисти, **Кудайбергенов Боончу Молдокматовичке** - сатира артисти, **Маматьярова Рахима Тургунжановнага** - А.Малдыбаев атындагы Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын экинчи скрипка тобунун концертмейстеринин орун басары, оркестрдин артисти, **Мухаметшина Зарина Ренатовнага** - А.Малдыбаев атындагы Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын балетинин солисти, жетектөөчү сахна чебери, **Насирдинов Асылбек Толоновичке** - элдик музыка чебери, К.Молдобасанов атындагы Кыргыз улуттук консерваториясынын элдик ырларды ырдоо кафедрасынын окутуучусу, **Нургазиева Медергул Чопбаевнага** - Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын К.Орозов атындагы Кыргыз мамлекеттик академиялык эл аспаптар оркестринин артисти, **Осмонова Гулайым Омуровнага** - К.Жантөшов атындагы Ысык-Көл облустук академиялык музыкалык драма театрынын артисти, **Раймканов Анарвай Алымовичке** - Т.Тыныбеков атындагы Жалал-Абад облустук филармониясынын башкы дирижёру, **Рысалиев Токтогул Чолпонкуловичке** - ырчы, Чүй облусунун Ысык-Ата райондук маданият бөлүмүнө караштуу Б.Эдигеев атындагы "Ысык-Ата-Арашан" элдик-фольклордук ансамблинин көркөм жетекчиси, **Сардарбеков Анарбек Карагуловичке** - обончу, аткаруучу, **Сыдыков Дөөлөтбек Качкыновичке** - манасчы, "Манас айылы" тарыхый-этнографиялык комплексинин директору, **Чообиев Мунарбек Шейшеналиевичке** - ырчы, "Кыргыз Руху" эстрадалык-фольклордук ансамблинин солисти, **Шамшиева Насиятхан Акышевнага** - С.Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театрынын артисти;

"Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер" ардак наамы:

Абилов Абдимуктар Раимжановичке - "Эркин-Тоо" Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезитинин редакциясынын кабарчысы, **Асанов Нуркамил Турдубаевичке** - Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын "Ала-Тоо 24" телеканалынын жогорку категориядагы телеоператор-координатору, **Дандыбаева Күлсайра Джоошбаевнага** - Бишкек шаарынын Борборлоштурулган китепкана системасынын директору, **Дуйшембиева Гульназ Карыбековнага** - А.Малдыбаев атындагы Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын артисти, сахна кыймылы боюнча репетитору, **Жаналиева Шейшекан Басекеновнага** - журналист, жазуучу, "Кыргыз Республикасынын журналисттер союзу" коомдук бирикмесинин мүчөсү, **Жусупов Камчыбекке** - обончу, аткаруучу, **Зарлыкова Кересбүбүгө** - акын, жазуучу, драматург, **Итигулова Чынара Кайбалиевнага** - Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын "Кыргыз радиосу" радиостанциясынын комментатору, **Калыков Кадырбекке** - Н.Шамурзаев атындагы Ош облустук куурчак театрынын режиссёру, **Кожогулов Атахан Бейшеналиевичке** - Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын

(Уландысы 4-бетте)

СЫЙЛЫК-СЫЙМЫК

(Башталышы 3-бетте)

"Замана" таңкы берүүсүнүн кабарчысы, **Молдокматова Ассоль Абдыкалыевнага** - журналист, теле алып баруучу, коомдук ишмер, **Наматов Аман Наматовичке** - жазуучу, журналист, **Омурбаев Нур Санташевичке** - Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын камералык оркестри коллективинин көркөм жетекчиси-дирижёру, **Осмоналиев Сапарбай Талиповичке** - сүрөтчү, "Кыргыз Республикасынын сүрөтчүлөр союзу" коомдук бирикмесинин мүчөсү, **Рублинская Тамара Юсуфовнага** - Чүй облусунун Жайыл райондук балдар музыкалык мектебинин вокал боюнча окутуучусу, **Сабитова Анара Сагындыковнага** - Нарын облустук мамлекеттик тарыхый-этнографиялык музейинин директору, **Сатыбалдиев Мусакун Асангуловичке** - жазуучу, "Кыргыз Республикасынын улуттук жазуучулар союзу" коомдук бирикмесинин мүчөсү, **Султанкулов Дуйшоналы Итибаевичке** - жазуучу, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун окутуучусу, **Тезекбаева Элмира Асанбековнага** - Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын "Маданият-Тарых-Тил" телеканалынын баяндамачысы, **Толомушова Гульбара Байышевнага** - кино таануучу, Ч.Айтматов атындагы Кино үйүнүн адиси, **Усубалиев Бектен Ашымбаевичке** - С.А.Чуйков атындагы Кыргыз мамлекеттик көркөм сүрөт окуу жайынын атайын сабактар боюнча окутуучусу, "Кыргыз Республикасынын сүрөтчүлөр союзу" коомдук бирикмесинин мүчөсү, **Черных Галина Константиновнага** - Жалал-Абад шаардык М.И.Глинка атындагы балдар музыкалык мектебинин теориялык сабактар боюнча окутуучусу;

Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйлансын:

Абдыраев Сталбек Нурмамбетович - "ЭлТР" мамлекеттик телерадиоберүү компаниясынын редактору, **Ажыбаев Кубанычбек Моңолдорович** - ырчы, аткаруучу, **Айдыралиева Марина Мамбеткуловна** - П.Ф.Шубин атындагы Борбордук балдар музыкалык мектебинин комуз классынын мугалими, элдик аспаптар бөлүмүнүн башчысы, **Акунов Руслан Кубанычбекович** - кинорежиссёр, сценарист, **Анарбаев Талант Абдыкалыкович** - сатира артисти, **Асанова Анипа** - "ЭлТР" мамлекеттик телерадиоберүү компаниясынын режиссёрунун ассистенти, **Бекишов Кылычбек Абдыкасымович** - Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын А.Үсөнбаев атындагы "Эл шайырлары" фольклордук тобунун артисти, **Биймырзаев Алыкул -** С.А.Чуйков атындагы Кыргыз мамлекеттик көркөм сүрөт окуу жайынын атайын сабактар боюнча окутуучусу, "Кыргыз Республикасынын сүрөтчүлөр союзу" коомдук бирикмесинин мүчөсү, **Гаипова Гулипар Калматовна** - Жалал-Абад облустук Барпы атындагы кыргыз драма театрынын артисти, **Демченко Валентина Ивановна** - Бишкек шаарынын №2 Балдар искусство мектебинин вокал классынын окутуучусу, **Егинбаева Ирина Егинбаевна** - Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын "Биринчи радио" радиостанциясынын баяндамачысы, **Исаев Каныбек Султанович** - Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунун "Боз Салкын" элдик фольклордук ыр-бий ансамблинин жетекчиси, **Исанов Данияр Кушубекович** - жазуучу, журналист, "Бешинчи канал" жабык акционердик коомунун диктору, **Какенова Джаныл Чекировна** - Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын программалар дирекциясынын пландоо боюнча координатору, **Курманалиев Тынар Кадырович** - сатира артисти, **Маратов Асылбек Маратович** - төкмө акын, "Айтыш" коомдук фондунун тең-төрагасы, **Мусабеков Аскат Мусабекович** - ырчы, Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын солисти, **Тилепбергенова Дальмира Жиргалбаевна** - Т.Океев атындагы улуттук "Кыргызфильм" киностудиясынын кинорежиссёру, **Турумбеков Аскар Асанбекович** - сүрөтчү, скульптор, "Кыргыз Республикасынын сүрөтчүлөр союзу" коомдук бирикмесинин мүчөсү, **Чилдебаев Атабек Романович** - А.Малдыбаев атындагы Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын машина жана жасалгалоо бөлүмүнүн начальниги, сахна жумушчусу.

***

Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык, интеллектуалдык жана маданий потенциалын өнүктүрүүгө олуттуу салым кошкондугу, кесиптик ишиндеги зор жетишкендиктери үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгынын 30 жылдыгына байланыштуу төмөнкүлөр:

сыйланды:
III даражадагы "Манас" ордени менен:

Кидибаев Мустафа Мусаевич - Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ж.Жеенбаев атындагы Физика институтунун кристаллофизика жана радиометрия лабораториясынын башчысы, **Турсунбек Акун** - Борбордук Азия боюнча адам укуктары боюнча конгрессинин координатору, Кыргызстан укук коргоо кыймылынын төрагасы;

"Даңк" ордени менен

Токталиев Акин Усубалиевич - коомдук укук коргоочу, адвокат, Кыргызстан элинин ар намысын жана абийирин коргоо комитети" коомдук бирикмесинин төрагасы;

"Эрдик" медалы менен

Жусупов Кубанычбек Эргашбаевич - Ош облусунун Араван районундагы Кичи-Алай айылынын тургуну;

"Даңк" медалы менен:

Абдырахманов Абдыкар - пенсионер, тракторист, **Акматова Каныкей Мукашовна** - "Май-Булак Каракол" жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы технологу, **Аракеев Баратбай Шаршеевич** - пенсионер, **Аттокуров Карагул Сопуевич** - Нарын облусунун Нарын районундагы Миң-Булак айылынын фермери, **Базарбаев Чапырашты** - пенсионер, коомдук ишмер, **Даиров Рахимбек** - Т.Абдраимов атындагы Кыргыз авиациялык институтунун редакциялык-басма бөлүмүнүн башкы адиси, **Джаманбаев Мураталы Джузумалиевич -** И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин колдонмо математика жана информатика кафедрасынын башчысы, **Машанло Амина Лючировна** - "Кыргызстан дунгандарынын этностук коомдоштугунун ассоциациясы" коомдук бирикмесинин төрагасынын орун басары, **Низовский Юрий Николаевич** - Бишкек шаарынын Е.Якир атындагы №61 автордук физика-математикалык мектеп-лицейинин окуу комплексинин директору, **Султангазиев Кудайберген Салидинович** - "Радиорелейлик магистралдарынын телекөрсөтүү жана радиоктуруу боюнча республикалык өндүрүштүк бирикмеси" ачык акционердик коомунун радиорелейлик станциялардын чыгыш башкармалыгынын административдик-чарбалык бөлүмүнүн начальниги, **Шеримбекова Майрамкуль Исажановна** - Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигинин Салык саясаты башкармалыгынын салыктык чараларды талдоо жана баалоо секторунун башчысы;

ыйгарылды:
"Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими" ардак наамы:

Абдырахманова Бурулжан Чокаевнага - Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунун А.Маматов атындагы мектеп-гимназиясынын кыргыз тили жана адабияты мугалими, **Гайыпова Урумпаша Азимжановнага** - Баткен облусунун Баткен районунун Т.Садыков атындагы орто мектебинин математика мугалими, **Жусубалиева Кымбат Кыдырмышовнага** - Нарын облусунун Ат-Башы районунун Боогачы атындагы орто мектебинин орус тили жана адабияты мугалими, **Иманбердиев Төрөбек Амановичке** - Нарын облусунун Ат-Башы районунун Карабек уулу Акматаалы атындагы орто мектебинин директорунун башталгыч класстарынын окуу иштери боюнча орун басары, **Исакова Тазагулга** - Баткен облусунун Баткен районунун С.Кожобаева атындагы Самаркандек гимназия-жатак мектебинин англис тили мугалими, **Истамова Бурул Кубалдаевнага** - Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунун О.Джумаев атындагы Чоң-Сары-Ой жалпы орто билим берүү мектебинин математика мугалими, **Көкөнбаев Нуканга** - Нарын облусунун Кочкор районунун К.Мамбеталиев атындагы орто мектебинин биология мугалими, **Курманалиева Турдубубугө** - Бишкек шаарынын Р.Шүкүрбеков атындагы №38 мектеп-гимназия окуу-тарбия комплексинин математика мугалими, **Макыев Турганбайга** - Ош облусунун Кара-Кулжа районунун М.Абакиров атындагы "Токбай-Талаа" орто мектебинин математика мугалими, **Муслина Наталья Геннадьевнага** - Бишкек шаарынын И.В.Панфилов атындагы №6 мектеп-гимназия автордук окуу-тарбия комплексинин башталгыч класстарынын мугалими, **Омурзакова Тажыбубугө -** Бишкек шаарынын №31 мектеп-гимназиясынын директору;

"Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер" ардак наамы:

Агайдарова Аэлита Ураловнага - "Кыргызтелеком" ачык акционердик коомунун балдарды тарбиялоо жана билим берүү борборунун директору, **Асанова Алтынга** - К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин журналистика жана маалыматтык системалар факультетинин деканы, **Калдыбаев Салидин Кадыркуловичке** - "Ала-Тоо" эл аралык университетинин илимий иштер боюнча проректору, **Каримов Салыга** - Ош мамлекеттик университетинин математикалык анализ кафедрасынын башчысы, **Молдосанов Саламат Усенбаевичке** - И.Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжинин директору, **Ниязова Анара Натуевнага** - Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин жарандык укук жана процесс кафедрасынын башчысы, **Саралаев Маратка** - Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология жана дене тарбия тарыхы кафедрасынын доценти, **Ситникова Маргарита Хамзеевнага** - Бишкек шаарынын №59 жалпы билим берүү орто мектебинин директору, **Эдилова Мариям Миталиповнага** - "Ала-Тоо" эл аралык университетинин факультеттер аралык мамлекеттик сабактарды окутуу кафедрасынын профессору;

"Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер" ардак наамы:

Абдрахманов Толобек Абыловичке - И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору, **Лазьков Георгий Анатольевичке** - Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Биология институтунун флора лабораториясынын башчысы;

"Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген юристи" ардак наамы:

Джоробекова Арзыгуль Мамаюнусовнага - Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Э.А.Алиев атындагы Академиясынын башчысынын илимий иштер боюнча орун басары, **Токтосунов Шарабидин Бекташевичке** - адвокат, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Бишкек шаарынын аймактык адвокатурасынын мүчөсү;

"Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген экономисти" ардак наамы:

Жениш Нурбекке - Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасынын орун басары, **Шаршенова Токтобубу Джолдошовнага** - Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигинин бюджеттик саясат башкармалыгынын бюджеттик пландоо жана орто мөөнөттүү болжолдоо бөлүмүнүн башкы адиси;

"Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген куруучусу" ардак наамы:

Есеналиев Адыл Асановичке - "ЖБИ-Сервис" жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы директору, Бишкек шаары, **Макеев Туратбек Кадыкеевичке** - Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жол чарба департаментинин Бишкек–Нарын–Торугарт автомобиль жолдору башкармалыгынын начальниги, **Омуралиев Каныбек Джамакеевичке** - "СМУТТ" жоопкерчилиги чектелген коомунун аткаруучу директору, Каракол шаары, Ысык-Көл облусу;

"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматына эмгек сиңирген кызматкер" ардак наамы

Анарбаев Мусурман Абдуманнабовичке - Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын коомдук кеңешчиси;

"Кыргыз Республикасынын транспортуна эмгек сиңирген кызматкер" ардак наамы

Грязнов Геннадий Владимировичке - "Sky KG Airlines" (Скай Кей Джи Эйрлайнс) жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы директору, Бишкек шаары;

"Кыргыз Республикасынын өнөр жайына эмгек сиңирген кызматкер" ардак наамы

Садамкулова Фатима Исагуловнага - Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигинин жеңил өнөр жай жана башка тармактар бөлүмүнүн башчысы;

"Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер" ардак наамы:

Беков Торогул Ниязовичке - "Агробизнестин атаандаштыкка жөндөмдүүлүк борбору" мекемесинин директору, Бишкек шаары, **Сооронбаев Токтогул Полотовичке** - "Нур" дыйкан чарбасынын төрагасы, Ноокен району, Жалал-Абад облусу;

"Кыргыз Республикасынын калкты тейлөө чөйрөсүнө эмгек сиңирген кызматкер" ардак наамы:

Алмакучуков Окмотбек Мукашовичке - "Park Hotel" (Парк Отель) жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы директорунун орун басары, Бишкек шаары, **Насирдинов Акжолтойго** - "Ак Бермет" эс алуу жана туризм комплекси" жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы директору, Ысык-Көл облусу;

"Кыргыз Республикасынын дене тарбиясына жана спортуна эмгек сиңирген кызматкер" ардак наамы:

Абдырахманова Джипаркуль Омушевнага - Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин дене тарбия жана спорт жогорку мектебинин дене тарбия жана спорт мугалимдер бөлүмүнүн башчысы, **Эсенбаев Бекжан Исаевичке** - Талас шаардык балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин эркин күрөш боюнча машыктыруучусу;

Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйлансын:

Абдуллаева Райхан - И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз тили кафедрасынын доценти, **Абдулуев Абдугапар** - Баткен облусунун Кадамжай районунун А.Масалиев айыл өкмөтүнүн жетектөөчү адиси, "Исфайрам" футбол клубунун машыктыруучусу, **Абрамова Ирина Владимировна** - "Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасынын Бишкек-1 станциясынын эмгекти уюштуруу жана ченемдөө боюнча инженери, **Аманалиев Джоомарт Абасканович** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Клиникалык оорукана" мамлекеттик мекемесинин директорунун чарба иштери боюнча орун басары, **Арынова Рахима Туйгуновна** - Баткен облусунун Кадамжай районунун М.Горький атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими, **Бактыгулова Канайым Джумадиловна** - Кыргыз Республикасынын Кытай Эл Республикасындагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси, **Батыралиев Адылбек** - Ош мамлекеттик университетинин педагогикалык практика бөлүмүнүн башчысы, педагогика, психология жана дене тарбия факультетинин педагогика кафедрасынын доценти, **Бегалиева Толкун Ибирагимовна** - Ош облусунун Алай районунун К.Султанов атындагы №11 орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими, **Бегалиев Канатбек Кубанычбекович** - Кыргыз Республикасынын Күрөш федерациясынын ардактуу вице-президенти, **Бөтөноев Советбек Сапарбекович** - Ош облусунун Кара-Кулжа районунун "Айдың-Көл" орто мектебинин тарых мугалими, **Вантрусов Александр Федорович** - Чүй облусунун Жайыл районундагы Кара-Балта шаарынын Жеңиштин 60 жылдыгы атындагы №2 орто мектебинин тарых мугалими, **Гапаров Абдурашид Матаевич** – "Кыргызаэронавигация" мамлекеттик ишканасынын Оштогу филиалынын директорунун учууларды радиотехникалык жактан камсыздоо боюнча орун басары, **Гусева Валентина Митрофановна** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "№144 бала бакча" мамлекеттик мекемесинин бухгалтер-кассири, **Даабеков Абдинави** - Баткен облусунун Баткен районунун Т.Садыков атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими, **Даниярова Алмакул Соорбековна** - Талас облусунун Бакай-Ата районунун Орой айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы, **Джаркинбаева Гульмира Турдубаевна** - Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиктин алдындагы спорттук-массалык иш-чараларды өткөрүү жана жаштар менен иштөө боюнча "Жаштык" дирекциясынын директорунун окуу-тарбиялык иштер боюнча орун басары, **Ермекбаев Амангельды Зинуллович** - "Укук, финансы жана бизнес эл аралык башкаруу академиясы" илимий-билим берүү мекемесинин бухгалтердик эсеп жана аудит кафедрасынын профессору, Бишкек шаары, **Жаркынова Бүзайнап** - Баткен облусунун Баткен районунун С.Эрматов атындагы орто мектебинин англис тили мугалими, **Жумабаев Темирбек Абдысаматович** - "Интергласс" жоопкерчилиги чектелген коомунун өндүрүш директору, **Иманалиев Сыдык Садырбаевич** - С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин тарых, философия жана социалдык-экономикалык билим берүү кафедрасынын башчысы, **Иманкулова Сыйнаш Эсенкуловна** - Чүй облусунун Аламүдүн районунун О.Турсуматов атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими, **Казакова Айтунук Галбаевна** - Баткен облусунун Баткен районунун З.Абдукаримов атындагы орто мектебинин тарых мугалими, **Карагулов Аманат Нурдинович** - Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын маалыматташтыруу жана телекоммуникациялар бөлүмүнүн башчысы, **Касенов Шаршеналы Рахимович** - "Дордой ассоциациясы" юридикалык жактар бирикмесинин вице-президенти, **Касымбеков Рыскул** - Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун "Оргочор" мамлекеттик асыл-тукум заводунун илимий консультанты, **Климова Елена Викторовна** - Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Чүй облустук статистика башкармалыгынын жетекчисинин орун басары, **Курманалиева Гүльмира Кызалаковна** - Жалал-Абад облусунун Таш-Көмүр шаарынын №6 "Наристе" мектепке чейинки билим берүү мекемесинин директору, **Майер Макс Георг** - Борбордук Азиядагы Ханнс Зайдель Фондунун өкүлчүлүгүнүн жетекчиси, **Малдыбаева Калиман Жанузаковна** - Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунун Акун Мыктыбек уулу атындагы Чоң-Өрүктү жалпы орто билим берүү мектебинин химия мугалими, **Мамаярова Салима Кушмурадовна** - Баткен облусунун Баткен районундагы Самаркандек айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы, **Момункулова Мээрим Авасбековна** - Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасынын орун басары, **Мурзакулов Сапарбек Сыдыкович** - "Ашар" козголушу" коомдук бирикмесинин төрагасынын орун басары, Бишкек шаары, **Мусаева Венера Инятовна** - И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика факультетинин башталгыч класстарда кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын профессорунун милдетин аткаруучу, **Нурбаева Рахат Абдырахмановна** - Баткен облусунун Кадамжай районунун С.Тешеев атындагы №34 орто мектебинин биология мугалими, **Оганесьян Анаида Георгиевна** - Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын башкы штабынын талдоо жана пландоо бөлүмүнүн начальниги, **Ормонова Сыядат Акматбековна** - Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигинин Соода саясаты башкармалыгынын ДСУ (Дүйнөлүк соода уюму) маселелери боюнча секторунун башчысы, **Осмонов Бакыт Сардалбекович** - Бишкек шаарынын №20 кесиптик лицейинин директору, **Өзүбекова Кыйырбүү Калманбетовна** - Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районунун Б.Үрстөмбеков атындагы №3 орто мектебинин башталгыч класстарынын мугалими, **Өмүралиев Керимбек Эралиевич** - Талас облусунун Талас районунун балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин жеңил атлетика боюнча машыктыруучусу, **Пирматова Топчугүл Масеитовна** - Баткен облустук китепканасынын директору, **Сайфуллин Ибрагим Рафкатович** - Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредиттик операциялар башкармалыгынын эл аралык резервдерди жайгаштыруу бөлүмүнүн начальниги, **Сапаралиев Абдыманап Мырзаканович** - Талас облусунун Бакай-Ата районунун К.Манапбаев атындагы балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин директору, **Сатарова Ратбү** - Жалал-Абад облусунун Токтогул районунун Ж.Бөкөнбаев атындагы №2 орто мектебинин англис тили мугалими, **Скакова Гүлнара Масалбековна** - Талас облусунун Талас районунун Ш.Нурбаев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими, **Сологубов Вадим Николаевич** - "Темирбетон-Азат" жоопкерчилиги чектелген коомунун директору, Бишкек шаары, **Соломко Ирина Петровна** - Балдардын жана өспүрүмдөрдүн улуттук "Сейтек" борборунун "Улыбка" элдик улгүлүү хореографиялык бий ансамблинин жетекчиси, **Тогузбаева Нина Сергеевна** - пенсионер, **Туменбаев Садыкбек Турдубекович** - Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин алдындагы Шаар куруу жана архитектура мамлекеттик долбоорлоо институтунун жарандык курулуш объекттерин долбоорлоо боюнча устаканасынын башчысы, долбоорлордун башкы архитектору, **Убукеев Сеит Мелисович** - Кыргыз Республикасынын Америка Кошмо Штаттарындагы жана Канададагы Элчилигинин кеңешчиси, **Умарова Суюн** - Жалал-Абад облусунун Аксы районунун Ж.Мамытбеков атындагы №10 жалпы билим берүү орто мектебинин физика мугалими, **Халмурзаева Зебинисо Умаровна** - Баткен облусунун Лейлек районундагы "Достук" орто мектебинин социалдык педагогу, **Чойбеков Таирбек Орозбекович** - Кыргыз Республикасынын футбол Федерациясынын аткаруу комитетинин мүчөсү, Жалал-Абад облусу боюнча региондук директору.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТУРУКТАШТЫРУУ ФОНДУН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Өлкөнүн туруктуу социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу, кечиктирилгис иш-чараларды каржылоо жана жагымсыз тышкы факторлордун таасиринен экономиканын көз карандылыгын төмөндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, токтом кылам:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

- Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин чыгымдарынын корголгон беренелерин каржылоодогу эки айлык керектөөнү жабууга резервди топтоону камтыган Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондун түзсүн;

- бул Жарлыкты ишке ашыруу үчүн зарыл болгон ченемдик укуктук актылардын долбоорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизсин.

2. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоону өзүмө алам.

3. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2021-жылдын 1-сентябры, ПЖ №375

ЧАКАН ЖАНА ОРТО ИШКЕРДИК СУБЪЕКТТЕРИНЕ КОЛДОО КӨРСӨТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасындагы чакан жана орто ишкердик субъекттерине андан ары колдоо көрсөтүү жана аларды экономиканын байкоого алынбаган секторунан чыгаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, токтом кылам:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети эки айлык мөөнөттө:

- чакан жана орто ишкердик субъекттери үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтерин кызматкерлердин санына жана эсептелген эмгек акысына жараша 2022-жылдан 2024-жылга чейин үч жылдык мөөнөткө 27,25 пайыздан 22 жана 14 пайызга чейин төмөндөтсүн;

- бул Жарлыкты ишке ашыруу үчүн зарыл болгон ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизсин.

2. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоону өзүмө алам.

3. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2021-жылдын 1-сентябры, ПЖ №376

Коркконго кош көрүнөбү?

Пакистан жарандарынын көбөйүшүнүн сыры...

Афганистандагы окуядан кийин Бишкек шаарында жана айылдарда «оогандык качкындар көбөйүп кетти» деген ар түрдүү пикирлер жаралып, кооптонгондор болууда. Мындан улам пакистандыктардын эмне себептен көбөйүп кеткенине кызыгып көрдүк.

2009-жылы кабыл алынган “Жөнөкөйлөтүлгөн визалык режимге ээ болгон чет мамлекеттердин жарандарынын Тизмесин бекитүү жөнүндө” КР Өкмөтүнүн токтомуна өзгөртүү, толуктоолорду киргизген жаңы токтом Министрлер Кабинетинин төрагасынын колу менен 2021-жылдын 8-июлунда жарык көргөн. Тизме дүйнөнүн 79 мамлекетине тиешелүү. Алардын 11 мамлекетине Кыргыз Республикасы өзгөчө эрежелерди орноткон. Анын ичинде Египет, Индия, Марокко, Пакистан өңдүү мамлекеттер бар. Ушул өлкөдөн келген жарандарга жөнөкөйлөтүлгөн визалык режим 2022-жылдын 31-декабрына чейин жарайт.

Биздин өлкөдө Индия жана Пакистандан келген миндеген студенттер билим алышат. Бул жылы окуу 15-сентябрдан баштап кадимки режимде окутула баштайт. Ага алдын-ала келгендер да бар. Акыркы жумаларда Пакистандын Исламабад, Лахор, Пешавар шаарларынан Пакистандын мигранттары келишүүдө. Пакистандын жарандары визаны Бишкек аэропортуна келип түшкөндөн кийин алышууда. Бул иш-чара инвестициялык, ишкер жана туристтик тармакты өнүктүрүү багытын көздөйт. Жөнөкөйлөтүлгөн виза режим чынында чет өлкөлүк жарандардын көп келишине таасирин берүүдө. Мындан Кыргыз Республикасы утулбайт, утуш гана табат. Анткени, транзит өлкө болуу менен жакшы акчаларды түшүрүп алса болот.

Чет өлкөдөн, өзгөчө Чыгыш Азия өлкөлөрүнөн келген жарандар кайра өз багыттарын Сауд Арабиясына бурушат. 2020-жылы Сауд Арабияда 2,5 млн пакистандыктар болгондугу тастыкталган. Пакистандыктар ушул тапта Бишкекте жана Ысык-Көлдө көп жүрүшүүдө. Ысык-Көл районунун көл жээкке жакын көптөгөн айылдарында жана өзгөчө Чолпон-Ата, Бостериде жүрүшкөнүн көрдүк. Көл жээгинен алардын айрымдарын сөзгө тартып, баарлаштык.

“Биз Пакистандын Пешавар шаарынан келдик. Бишкекке учуп келип, Сауд Арабиясына кетели деп турабыз. Көбүбүз Бириккен Араб Эмирлигинде жана Сауд Арабиясында ар кыл жумуштарда иштейбиз. Бишкекке транзит менен келип, Сауд Арабияга учканы турабыз. Бирок, дароо уча албай, күтүүгө туура келүүдө. Анткени, Бишкектен Сауд Арабияга бир күндө бир гана самолет учуп жатат. Биз болсо кетээр күнүбүздү күтүп, күн өткөрүүнүн айласында ар кайсы жерди кыдырып жүрөбүз. 11 күндөн кийин кетебиз. Күн өткөрүү үчүн Бишкектин ичин кыдырдык, анан Ысык-Көлдү көрүү үчүн атайын келдик. Кыргыз жери Пакистанга абдан окшош экен. Биздин да ушундай тоолорубуз, көлдөрүбүз бар. Кыргыз эли абдан меймандос, ачык жана билимдүү экен”, - дешти жашы 30га чыга элек пакистандык мигранттар. Алардын аялдары, кичине балдары үйлөрүндө калышкан. Алар күйөөлөрү салган акча менен жашашат.

Ал аңгыча пакистандыктардын “Бостери” пансионатынын жээгинде топтошуп алып ырдап, бийлеп, “Пакистан!” деп кыйкырган видеосу тарады. Мындан кийин Ысык-Көл райондук ички иштер башкармалыгынын Экстремизмге жана мыйзамсыз миграцияга каршы кызматынын кызматкерлери Кыргызстан аркылуу транзит менен Бириккен Араб Эмирлигине жана Сауд Арабиясына жумушка бара жаткан Пакистандын жарандарына түшүндүрүү иштерин жүргүзгөнүн, аларга Кыргызстандын мыйзамдарын сактоону эскерткенин билдиришти. Мындай түшүндүрүү иштерин милиционерлер Чүй облусунда да жүргүзүп жатышат.

Сымбат МАКСУТОВА

Куттуктайбыз!

ТАТЫКТУУ БААГА ТАТЫГАН ЭМГЕК

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына байланыштуу өлкөбүздүн өнүгүшүнө өздөрү эмгектенген тармактарында татыктуу салымдарын кошуп келе жатышкан ар түрдүү кесиптин ээлери жогорку мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу болушту. Ошолордун арасында кесиптешибиз Абилов Абдимуктар Райимжановичтин да бар экендиги, ага “Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер” ардак наамынын ыйгарылышы баарыбызды аябай кубандырды.

Кесиптешибиздин бул сыйлыгын жеке анын гана эмгегин баалоо эмес, жалпы эле “Эркин-Тоо” мамлекеттик расмий гезитинин 30 жылдыгына байланыштуу жалпы жамааттын мааракесинин да урматына берилген сый катары кабыл алдык.

Кептин түзүн айтсак, бул сыйлык нагыз өз ээсин тапты десек болот. Абдимуктар Райимжанович 2005-жылдан бери “Эркин-Тоо” гезитинин казанында кайнап, “Кыргыз Туусу” гезитинде, Кыргыз совет энциклопедиясында, башка басылмаларда топтогон чыгармачылык жана уюштуруучулук бай тажрыйбасын бул жамаатка кошо ала келип, талбаган эмгекчилдиги, түз жүргөндүгү, чындыкты бетке айтканды-гы, адилеттүүлүгү жана мыкты адамгерчилик сапаты менен бат эле элге алынып, алдыңкы калемгерлердин катарын толуктап, башкы редактордун орун басары кызматына чейин көтөрүлдү. Жаштардын насаатчысы, өз ишинин чыныгы устаты катары жамаат ичинде кадыры артылып, журналисттик чөлкөмдө өз ордун таба алды. Адабий сын жазууга белсене киришип, бул жагынан өзүн көрсөтүп, эки китептин автору болгондугу анын көп кырдуу талантынан кабар берип турат. Ал жалаң гана чыгармачылык менен алектенбестен, көп жылдардан бери гезиттин каржылык куржунун толтурууга татыктуу үлүшүн кошуп келе жаткандыгын белгилеп кетишибиз керек. Ал көп жылдар редакциянын коммерциялык багытын жетектеген.

Чогуу иштешип жаткан кесиптешибиз Абдимухтар Абиловдун көп жылдык үзүрлүү эмгеги көз жаздымда калбай, татыктуу баалангандыгы ар бирибизди кубандырып жаткандыгын жашыра албайбыз.

Сыйлыгыңыз кут болсун, Абдимухтар Райимжанович!

“Эркин-Тоо” гезитинин эмгек жамааты

Сыйлык-сыймык

Баюминин эмгеги бааланды

Эгемендүүлүктүн 30 жылдыгына карата мамлекеттик жогорку сыйлык алгандардын арасында кайрымдуулук иши үчүн "Бүткүл дүйнөлүк жаштар уюмунун ассамблеясы" коомдук бирикмесинин президенти Баюми Саид Мохамед Елсаид да бар.

Кыргыз элине аттын кашкасындай таанылган Саид Баюми жетектеген жаштар уюму 20 жылдан ашык убакыттан бери өлкөбүздүн бардык аймактарында жашаган жашоочуларга социалдык объектилерди куруп, айылдардын инфраструктурасын өнүктүрүп, начар жашаган үй-бүлөлөргө жардам берип, тынымсыз кайрымдуулук иштерин жүргүзүп келет.

Анын эмгегинин акыбети кайтып, кыргыз эли үчүн жасаган эмгеги КРнын Президенти тарабынан жогору бааланып, "Достук" ордени менен сыйланды.

Бүткүл дүйнөлүк жаштар ассамблеясынын" Президенти Саид Баюмини жана анын жамаатында иштеген бардык кызматкерлерди жогорку сыйлыгы менен куттуктайбыз. Өзүнө ден соолук каалоо менен мындан ары өлкөбүздүн өнүгүшүнө чоң салым кошо беришине тилектештигибизди билдиребиз.

"Эркин-Тоо" гезитинин эмгек жамааты

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИНВЕСТИЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИНИН ВЕДОМСТВОЛУК БӨЛҮМДӨРҮНҮН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин органдарын реформалоого байланыштуу уюштуруу чараларын жүзөгө ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 5-майындагы №114 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Жарлыгына, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөр кайра аталсын:

1) Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы "Объекттерди башкаруу боюнча дирекция" мамлекеттик ишканасы Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы "Объекттерди башкаруу боюнча дирекция" мамлекеттик ишканасына;

2) Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы "Элдик" мамлекеттик ишканасы Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы "Элдик" мамлекеттик ишканасына;

3) Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы "Туратали базары" мамлекеттик ишканасы Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы "Туратали базары" мамлекеттик ишканасына;

4) Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы "Талас" соода-базар комплекси" мамлекеттик ишканасы Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы "Талас" соода-базар комплекси" мамлекеттик ишканасына;

5) Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы "Курулуш, инвестициялар жана соода башкармалыгы" мамлекеттик ишканасы Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы "Курулуш, инвестициялар жана соода башкармалыгы" мамлекеттик ишканасына;

6) Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы "Аукциондук борбор" мамлекеттик мекемеси Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы "Аукциондук борбор" мамлекеттик мекемесине.

2. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонд жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун башкаруу схемасы 2-тиркемеге ылайык;

3) Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы "Аукциондук борбор" мамлекеттик мекемеси жөнүндө жобо 3-тиркемеге ылайык;

4) Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлигине караштуу Банкроттук иштер боюнча департамент жөнүндө жобо 4-тиркемеге ылайык;

5) Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлигине караштуу "Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк борбору" мамлекеттик мекемеси жөнүндө жобо 5-тиркемеге ылайык.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 14-сентябрындагы №616 "Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу органдарды аныктоо жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 1-пунктунун биринчи жана экинчи абзацтарындагы "Экономика" деген сөз "Инвестициялар" деген сөз менен алмаштырылсын;

- 2-пунктундагы "Финансы" деген сөз "Экономика жана финансы" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартындагы №147 "Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун даярдоону каржылоо жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун даярдоону каржылоо фонду жөнүндө жободо:

- 11-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"11. Фонддун Байкоочу кеңешинин курамына кызмат орундары боюнча төмөнкүлөр кирет:

- Кыргыз Республикасынын инвестициялар министри, Фонддун Байкоочу кеңешинин төрагасы;

- Кыргыз Республикасынын экономика жана финансы министринин орун басары;

- Кыргыз Республикасынын юстиция министринин орун басары;

- Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлигине караштуу "Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк борбору" мамлекеттик мекемесинин директору.";

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун даярдоону каржылоо фондунун каражаттарынын эсебинен мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун даярдоо тартиби жөнүндө жободо:

- 5-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5. Мамлекеттик өнөктөш төмөнкүдөй документтерди даярдайт:

- ушул Жобонун 1-тиркемесинде көрсөтүлгөн форма боюнча МЖӨ долбоору тууралуу маалымкатты;

- консультациялык кызмат көрсөтүү үчүн бюджеттин долбоорун;

- милдеттүү түрдө фискалдык тобокелдиктерге талдоо жүргүзүү тууралуу талаптарды камтыган консультациялык кызмат көрсөтүү үчүн техникалык тапшырманын долбоорун.";

- 6-пунктундагы "МЖӨ долбоорлорун координациялоо боюнча органга" деген сөздөр "МЖӨ чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органга" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 7-пунктундагы "МЖӨ долбоорлорун координациялоо боюнча органы" деген сөздөр "МЖӨ чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органы" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- жогоруда аталган Жобонун 2-тиркемесинин 3-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. Сунушталган долбоордун стратегиялык өнүктүрүү программаларына ылайык келүүсү.".

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 16-июнундагы №328 "Кыргыз Республикасындагы Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк боюнча кеңешти түзүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасындагы Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк боюнча кеңеш жөнүндө жободо:

- 2-пунктундагы жана 7-пунктунун экинчи абзацындагы түрдүү жөндөмдөргө "Өкмөтү" деген сөз тиешелүү жөндөмдө "Министрлер Кабинети" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 4-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4. Кеңештин курамына кызмат орундары боюнча төмөнкүлөр кирет:

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы, Кеңештин төрагасы;

- Кыргыз Республикасынын инвестициялар министри, Кеңештин төрагасынын орун басары;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - экономика жана финансы министри, Кеңештин мүчөсү;

- Кыргыз Республикасынын юстиция министри, Кеңештин мүчөсү;

- Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлигине караштуу "Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк борбору" мамлекеттик мекемесинин директору, Кеңештин мүчөсү".

6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 24-апрелиндеги №193 "Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 153, 159-1, 213, 315, 330 жана 344-беренелерин ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 6 жана 7-пункттарынын биринчи абзацтарындагы түрдүү жөндөмдөргө "Инвестицияларды илгерилетүү жана коргоо боюнча агенттиги" деген сөздөр тиешелүү жөндөмдө "Инвестициялар министрлиги" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-июнундагы №333 "Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин алдындагы "Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк борбору" мамлекеттик мекемесин түзүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 2 жана 4-пункттарындагы "Экономика" деген сөз "Инвестициялар" деген сөз менен алмаштырылсын;

- 8-пункту күчүн жоготту деп таанылсын;

- жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемесинин аталышындагы "Экономика" деген сөз "Инвестициялар" деген сөз менен алмаштырылсын.

8. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 16-декабрындагы №681 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы "Аукциондук борбор" мамлекеттик мекемеси жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 2-пункту күчүн жоготту деп таанылсын;

- жогоруда аталган токтомдун тиркемеси күчүн жоготту деп таанылсын.

9. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 21-февралындагы №111 "Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлору боюнча тендердик комиссия жөнүндө жободо:

- 7-пунктундагы "долбоорлорун координациялоо боюнча" деген сөздөр "чөйрөсүндөгү" деген сөз менен алмаштырылсын.

10. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 1-апрелиндеги №128 "Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана уюмдарынын маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 2-пунктунун 18, 20, 21 жана 27-пунктчалары күчүн жоготту деп таанылсын;

- жогоруда аталган токтомдун 18, 20, 21 жана 27-тиркемелери күчүн жоготту деп таанылсын.

11. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 22-июлундагы №409 "Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин алдындагы Инвестицияларды илгерилетүү боюнча агенттиктин кызматкерлеринин эмгегине акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомунун 1, 2-пункттары жана тиркемеси;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы №131 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомунун 10-тиркемесинин 30^1-пункту;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 10-майындагы №243 "Мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому.

12. Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлиги бул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.

13. Бул токтом бекитилген штаттык сандын чегинде, тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга республикалык бюджетте Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлиги үчүн каралган каражаттардын чегинде ишке ашырыла тургандыгы белгиленсин.

14. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын экономика жана финансы бөлүмүнө жүктөлсүн.

15. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 18-августу, №146

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2014-ЖЫЛДЫН 3-ИЮНУНДАГЫ №303 «МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫ, АЛАРДЫН ТҮЗҮМДҮК БӨЛҮНҮШТӨРҮ ЖАНА ВЕДОМСТВОЛУК МЕКЕМЕЛЕРИ ТАРАБЫНАН ЖЕКЕ ЖАНА ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРГА БЕРИЛҮҮЧҮ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН СТАНДАРТТАРЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Жарандарга жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу боюнча милдеттерди ишке ашыруу максатында, «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-июнундагы №303 «Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүнүштөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан жеке жана юридикалык жактарга берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитүү жөнүндө» токтомуна тиркемеге ылайык өзгөртүү киргизилсин.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 23-августу, №147

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ЧЕЧИМИ БОЮНЧА ЖЕР КАЗЫНАСЫН ПАЙДАЛАНУУ УКУГУН БЕРҮҮ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

«Жер казынасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 25^1-беренесин ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Жер казынасын пайдалануу укугун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими боюнча берүү тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 23-августу, №148

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2018-ЖЫЛДЫН 6-НОЯБРЫНДАГЫ №523 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИНИН ИЧКИ АСКЕРЛЕРИН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Ички аскерлеринин аскер кызматчыларынын социалдык кепилдиктерин камсыздоо, ошондой эле аларга кошумча дем берүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 6-ноябрындагы №523 «Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Ички аскерлерин түзүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 5-пункту төмөнкүдөй мазмундагы алтынчы - сегизинчи абзацтар менен толукталсын:

«- Ички аскерлердин аскер кызматчыларына (мөөнөттүү аскердик кызмат өтөгөн аскер кызматчыларынан тышкары) пенсияны дайындоо жана кызмат өтөгөн жылдарына пайыздык үстөктү эсептөө үчүн:

бир ай кызмат өтөө бир жарым ай катары эсептелет;

Кыргыз Республикасынын Баткен облусунда туруктуу жайгашкан аскер бөлүктөрүндө, мекемелерде жана бөлүкчөлөрдө кызмат өтөгөндөр үчүн бир ай кызмат өтөө эки ай катары эсептелет.».

2. Бул токтомду ишке ашыруу тиешелүү жылдарга республикалык бюджетте Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Ички аскерлерине каралган каражаттардын чегинде жүргүзүлө тургандыгы белгиленсин.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 26-августу, №150

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАТКЕН ОБЛУСУНУН БАТКЕН РАЙОНУНДАГЫ КАРА-БАК АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕРЛЕРДИ «АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР» КАТЕГОРИЯСЫНАН «КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИ» КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Баткен районундагы Кара-Бак айыл аймагында социалдык объекттерди куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 20-беренесине, «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине жана «Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3 жана 11-пунктчаларына, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Кыргыз Республикасынын Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2019-жылдын 23-сентябрындагы корутундусун жана Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Баткен райондук мамлекеттик администрациясынын 2019-жылдын 20-сентябрындагы №271-б чечимин көңүлгө алуу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Социалдык объекттерди куруу үчүн Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Баткен районундагы Кара-Бак айыл аймагында №215 контурда жайгашкан Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунан 7 га сугат айдоо жери «Айыл чарба багытындагы жерлер» категориясынан «Калктуу конуштардын жерлери» категориясына которулсун (трансформациялансын).

2. Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Баткен райондук мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыздасын:

- жерлерди эсепке алуучу документтерге тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;
- ушул токтомдун 1-пунктунда аталган жерлерди максаттуу багыты боюнча пайдаланууну.

3. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын агроөнөр жай комплекси жана экология бөлүмүнө жүктөлсүн.

4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 26-августу, №151

УБАКТЫЛУУ ЭМГЕККЕ ЖАРАМСЫЗДЫК, КОШ БОЙЛУУЛУК ЖАНА ТӨРӨТ БОЮНЧА ЖӨЛӨКПУЛДАР ЖАНА РАСЫМДЫК (СӨӨК КОЮУГА) ЖӨЛӨКПУЛДАР МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

«Электрондук башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесин ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 29-декабрындагы №823 «Мамлекеттик жөлөкпулдарды жана акчалай компенсацияларды төлөө тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик жөлөкпулдарды жана акчалай компенсацияларды төлөө тартиби жөнүндө жободо:

- расмий тилдеги текстинин 2.2-пунктундагы, 2.4-пунктунун экинчи жана үчүнчү абзацтарындагы, 4.1, 4.1.1, 4.1.3, 4.2.1, 4.3-пункттарындагы, 4.3.1-пунктунун биринчи жана экинчи абзацындагы, 4.4 жана 4.4.2-пункттарындагы, 5-главанын аталышындагы, 5.1, 5.1.5.1, 5.1.5.2, 5.1.9-пункттарындагы, 5.1.10-пунктунун биринчи жана экинчи абзацтарындагы, 5.2.2, 5.5.1, 5.5.2, 5.5.6, 6.1-пункттарындагы, 6.1.1-пунктунун биринчи абзацындагы, 6.1.2-пунктунун биринчи абзацындагы «населения» деген сөз алып салынсын;

-6.1.3-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«6.1.3. Ички аудит бөлүмү тарабынан аймактык бөлүмдөрүндөгү мамлекеттик жөлөкпулдарды, 11-иш күнүнөн тартып кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулдарды жана расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпулду төлөп берүүгө документтердин туура таризделиши жана катталышы боюнча комплекстүү текшерүү жүргүзүлөт. Ички аудит бөлүмүнүн адистери төмөнкүлөрдү текшерет:

- өтүнмөлөрдү каттоо журналын;
- эсеп жүргүзүүнүн жана отчет түзүүнүн тууралыгын;
- төлөмдөрдүн орду толтурулбаган суммалары боюнча жазуу журналын;
- кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулдарды 11-иш күнүнөн тартып жана расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпулду дайындоо үчүн эмгекке жарамсыздык баракчаларынын жана каза болгондугу тууралуу күбөлүктөрдүн болушун;
- кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулдарды жана расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпулду төлөө боюнча менчиктин ар түрдүү формасындагы уюмдардын жана ишканалардын өтүнмөлөрүн.

Эмгек акы төлөө боюнча китептерди, жумуш убактысын каттоо табелин жана эмгекке жарамсыздык баракчаларын иш берүүчүнүн буйруктар китепчеси менен салыштыруу аркылуу кайчылаш текшерүү жүргүзүлөт.»;

- расмий тилдеги текстинин 6.1.4-пунктундагы, 6.2.3-пунктунун үчүнчү абзацындагы, 6.2.4, 6.3, 6.3.1, 6.3.2-пункттарындагы, 7-главанын аталышындагы, 7.1, 7.1.3, 7.1.4, 7.2, 7.3-пункттарындагы “населения” деген сөз алып салынсын.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-сентябрындагы №434 «Убактылуу эмгекке жарамсыздык боюнча жөлөкпулду, кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулду берүүнүн тартиби жөнүндө жобону жана Расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпулду берүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр ушул токтомдун тиркемесине ылайык киргизилсин.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 26-августу, №152

ТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖОЛ БЕРИЛГЕН САЛМАК-ГАБАРИТТИК ПАРАМЕТРЛЕРИН БУЗУУ ЖАНА ЖАЛПЫ ПАЙДАЛАНУУДАГЫ АВТОМОБИЛЬ ЖОЛДОРУНДАГЫ ЖАСАЛМА КУРУЛМАЛАР БОЮНЧА ТРАНСПОРТ КАРАЖАТЫНЫН ӨТҮҮСҮ ҮЧҮН ЖЫЙЫМ АЛУУ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТЫ ФОТО ЖАНА ВИДЕО ТАРТУУ/ВИДЕО ЖАЗУУ ФУНКЦИЯЛАРЫ БАР СТАЦИОНАРДЫК, АТАЙЫН ТЕХНИКАЛЫК КАРАЖАТТАР МЕНЕН МААЛЫМАТТЫК СИСТЕМА ОБЪЕКТТЕРИН КОЛДОНУУ АРКЫЛУУ АВТОМАТТЫК ТҮРДӨ БЕРҮҮНҮ КАМСЫЗ КЫЛУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Салмак-габариттик контролдоодо жана жасалма курулмалар боюнча транспорт каражатынын өтүүсү үчүн жыйым алууда коррупциялык тобокелдиктерди жоюу, адамдык факторду минималдаштыруу, ошондой эле транспорт каражаттарынын жол берилген салмак-габариттик параметрлерин бузуу жөнүндө маалыматты автоматтык түрдө берүү жана Кыргыз Республикасынын автомобиль жолдорундагы жасалма курулмалар боюнча транспорт каражатынын өтүүсү үчүн автоматтык түрдө жыйым алуу максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги:

1) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Унаа» мамлекеттик мекемесинин карамагына этабы менен төмөнкүлөрдү өткөрүп берсин:

- ушул токтомдун тиркемесине ылайык Кыргыз Республикасынын аймагындагы транспорттук контролдоо пункттарында орнотулган 8 (сегиз) салмак-габариттик контролдоо динамикалык системасын, салмак-габариттик контролдоо динамикалык системаларынын сервердик жабдуусун, Бишкек - Ош автомобиль жолунда жайгашкан «Сосновка» жана «Кара-Көл» стационардык өткөрүү пункттарын (курулмалары жана маалымат системасы менен);
- эмгек акы төлөө фонду менен тиешелүү штаттык бирдиктерди, документтерди, курулмаларды, аларды тейлөө үчүн Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинен каралган финансы каражаттарын жана башка товардык-материалдык баалуулуктарды;

2) Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине таандык имараттардан жана курулмалардан Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Унаа» мамлекеттик мекемесинин кызматкерлерин кызматтык жайлар менен камсыз кылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги:

1) Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги менен бирдикте эки жумалык мөөнөттө бул токтомдун 1-пунктун ишке ашыруу боюнча этаптуу Иш-чаралар планын иштеп чыксын жана бекитсин;

2) төмөнкүдөй маалыматты күнү-түнү автоматтык түрдө берүүнү камсыз кылсын:

- Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Автомобиль, суу транспорту жана салмак-габаритти контролдоо агенттигине - транспорт каражаттарынын жол берилген параметрлерин (максималдуу жалпы масса, октук жүк, башка линиялык параметрлер) бузгандыгы жөнүндө, ошондой эле салмак-габариттик контролдоо динамикалык системаларында катталган бардык транспорт каражаттарынын салмак-габариттик параметрлерин жана мамлекеттик номердик белгилерин чагылдыруу менен транспорт агымы жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматына жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматына - бажылык жана салыктык жол-жоболорду башкарууну санариптештирүүнүн алкагында салмак-габариттик контролдоо динамикалык системаларында катталган бардык транспорт каражаттарынын салмак-габариттик параметрлерин жана мамлекеттик номердик белгилерин чагылдыруу менен транспорт агымы жөнүндө;

3) ушул токтомдон келип чыгуучу уюштуруу-техникалык, материалдык жана башка маселелерди чечсин;

4) жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө калк арасында маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн;

5) бир айлык мөөнөттө ушул токтомго шайкеш келтирүү максатында ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин каароосуна белгиленген тартипте киргизсин.

3. Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Автомобиль, суу транспорту жана салмак-габаритти контролдоо агенттиги:

- Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Унаа» мамлекеттик мекемесине салмак-габариттик контролдоо динамикалык системаларын өткөрүп берүү процесси аяктаганга чейин бардык салмак-габариттик контролдоо динамикалык системаларын үзгүлтүксүз иштөөсүнө көмөк көрсөтсүн;
- «Унаа» мамлекеттик мекемесине транспорт каражаттарынын салмак-габариттик параметрлерин бузгандыгы үчүн айып пул салынгандыгы жөнүндө токтомдорду маалымат системасы (онлайн режиминде) аркылуу жиберип турсун (туруктуу негизде).

4. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Унаа» мамлекеттик мекемеси салмак-габариттик контролдоо динамикалык системаларын техникалык коштоону камсыз кылсын.

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1996-жылдын 22-апрелиндеги №183 «Бишкек–Ош автомобиль жолундагы тоннель аркылуу транспорт каражаттарынын акы төлөп өтүүсүн уюштуруу жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пунктунда:

- экинчи абзацындагы «Бишкек - Ош автожолу мамлекеттик дирекциясынын жол органдары» деген сөздөр «Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Унаа» мамлекеттик мекемеси» деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- төртүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Акы төлөмдүн өлчөмү Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги менен макулдашуу боюнча белгиленет.»;

2) 3-пунктундагы «Бишкек - Ош автожолу мамлекеттик дирекциясы» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Унаа» мамлекеттик мекемеси» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

7. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын тийиштүү түзүмдүк бөлүмдөрүнө жүктөлсүн.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 27-августу, №154

Т.АЛТЫНОКТУ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АРДАК ГРАМОТАСЫ МЕНЕН СЫЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосундагы достукту жана кызматташтыкты бекемдөөгө кошкон олуттуу салымы үчүн Түркия Республикасынын Анкара шаарынын Кечиорен муниципалитетинин башчысы Тургут Алтынок Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйлансын.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2021-жылдын 4-августу, ПЖ №327

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 15-ИЮЛУНДАГЫ «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ОБЛУСТАГЫ ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛҮ ЖӨНҮНДӨ» ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, токтом кылам:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 15-июлундагы №302 «Кыргыз Республикасынын Президентинин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлү жөнүндө» Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентинин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлү жөнүндө жободо:

15 жана 16-пункттары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«15. Ыйгарым укуктуу өкүлдүн орун басарлары, анын ичинде бир биринчи орун басары болот.

16. Ыйгарым укуктуу өкүлдүн орун басарлары, анын ичинде биринчи орун басары ыйгарым укуктуу өкүлдүн сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан кызмат ордуна дайындалат жана кызмат ордунан бошотулат.».

2. Бул Жарлык бекитилген штаттык сандын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттарына тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга республикалык бюджетте каралган каражаттардын чегинде ишке ашырылат.

3. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2021-жылдын 26-августу, ПЖ №358

ЖАРАНДАРДЫН АЙРЫМ КАТЕГОРИЯЛАРЫНА АР АЙЛЫК СОЦИАЛДЫК ЖӨЛӨКПУЛДАРДЫН ӨЛЧӨМДӨРҮН ЖОГОРУЛАТУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Ар айлык социалдык жөлөкпул алган балдарга жана бала кезинен ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга социалдык колдоону күчөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 19, 44, 66 жана 71-беренелерин жетекчиликке алып, токтом кылам:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) 2021-жылдын 1-октябрынан тартып ар айлык социалдык жөлөкпулдардын өлчөмдөрүн 50 пайызга көбөйтсүн:

- ВИЧке же СПИДге чалдыккан энелерден төрөлгөн балдарга 4000 сомдон 6000 сомго чейин;
- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарга 4000 сомдон 6000 сомго чейин;
- атасынан же энесинен айрылган балдарга 1000 сомдон 1500 сомго чейин;
- атасы менен энесинен айрылган балдарга 2000 сомдон 3000 сомго чейин;
- бала кезинен I топтогу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга 4000 сомдон 6000 сомго чейин;
- бала кезинен II топтогу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга 3300 сомдон 4950 сомго чейин;
- бала кезинен III топтогу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга 2700 сомдон 4050 сомго чейин;
- атасы менен энеси белгисиз балдарга 2000 сомдон 3000 сомго чейин;

2) 2021-жылдын 1-октябрына чейин эсептелген ар айлык социалдык жөлөкпулдардын өлчөмдөрүнө карата ар айлык социалдык жөлөкпулдардын өлчөмдөрүн 2022-жылдын 1-январынан тартып 100 пайызга көбөйтсүн:

- ВИЧке же СПИДге чалдыккан энелерден төрөлгөн балдарга 4000 сомдон 8000 сомго чейин;
- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарга 4000 сомдон 8000 сомго чейин;
- атасынан же энесинен айрылган балдарга 1000 сомдон 2000 сомго чейин;
- бала кезинен I топтогу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга 4000 сомдон 8000 сомго чейин;
- бала кезинен II топтогу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга 3300 сомдон 6600 сомго чейин;
- бала кезинен III топтогу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга 2700 сомдон 5400 сомго чейин;

3) 2021-жылдын 1-октябрына чейин эсептелген ар айлык социалдык жөлөкпулдардын өлчөмдөрүнө карата ар айлык социалдык жөлөкпулдардын өлчөмдөрүн 2022-жылдын 1-январынан тартып 200 пайызга көбөйтсүн:

- атасынан же энесинен айрылган балдарга 2000 сомдон 6000 сомго чейин;
- атасы менен энеси белгисиз балдарга 2000 сомдон 6000 сомго чейин;

4) багуучусунан айрылгандыгына байланыштуу балдардын пенсиясынын базалык бөлүгүнүн өлчөмүн атасынан же энесинен (атасы менен энесинен) айрылган учурда, эгерде аларда пенсиялык камсыздоого укугу болбосо, балдар үчүн ар айлык социалдык жөлөкпулдун өлчөмүнө теңештирүү боюнча тиешелүү чараларды көрсүн;

5) бул Жарлыктан келип чыгуучу, анын ичинде «Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына белгиленген тартипте өзгөртүүлөрдү киргизүүнү караган чараларды көрсүн.

2. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоону өзүмө алам.

3. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2021-жылдын 1-сентябры, ПЖ №373

ПЕНСИЯЛАРДЫН БАЗАЛЫК ЖАНА КАМСЫЗДАНДЫРУУ БӨЛҮКТӨРҮН ИНДЕКСАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Пенсионерлердин жашоо деңгээлин андан ары колдоону камсыздоо максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 19, 44, 66 жана 71-беренелерин жетекчиликке алып, токтом кылам:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

- «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык 2021-жылдын 1-октябрына чейин дайындалган пенсиялардын базалык жана камсыздандыруу бөлүктөрүнө 2021-жылдын 1-октябрынан тартып индексациялоо жүргүзсүн;
- бул Жарлыктан келип чыгуучу тиешелүү чараларды көрсүн.

2. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоону өзүмө алам.

3. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2021-жылдын 1-сентябры, ПЖ №374

КОНТРОЛДУК-КАССАЛЫК МАШИНАЛАРДЫ БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫНЫН ПИЛОТТУК ДОЛБООРУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Салык жол-жоболорун фискалдаштыруунун электрондук системасын киргизүүнүн алкагында контролдук-кассалык машиналардын колдонулушун өркүндөтүүнү камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 109-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Контролдук-кассалык машиналарды башкаруу системасынын пилоттук долбоору жөнүндө убактылуу жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Контролдук-кассалык машиналарды башкаруу системасынын пилоттук долбоору жөнүндө убактылуу жобо 2021-жылдын 31-декабрына чейин колдонулары белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып пилоттук долбоорду өткөрүүнү уюштуруу боюнча чараларды көрсүн жана төмөнкүлөрдү бекитсин:

1) пилоттук долбоордо колдонулуучу контролдук-кассалык машиналардын убактылуу реестрин;

2) контролдук-кассалык машиналарды башкаруу системасынын пилоттук долбоорунун алкагында киргизилүүчү контролдук-кассалык машиналарга жана фискалдык модулдарга карата убактылуу техникалык талаптарды.

4. Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети контролдук-кассалык машиналарды башкаруу системасынын пилоттук долбоорун уюштуруу жана өткөрүү боюнча Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматына көмөк көрсөтүшсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы өткөрүлгөн пилоттук долбоордун жыйынтыктары боюнча контролдук-кассалык машиналарды каттоо жана колдонуу тартибин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүүнү караган тийиштүү актылардын долбоорлорун иштеп чыгышсын жана белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине киргизишсин.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын экономика жана финансы бөлүмүнө жүктөлсүн.

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 27-августу, №156

ПОЧТА КЫЗМАТЫНЫН УЮМДАРЫ ТАРАБЫНАН ПЕНСИЯЛАРДЫ ЖАНА ЖӨЛӨКПУЛДАРДЫ ЖЕТКИРҮҮ ЖАНА ТӨЛӨӨ КЫЗМАТТАРЫ ҮЧҮН ЧЫГЫМДАРДЫН ЧЕНЕМИН БЕЛГИЛӨӨ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Кыргыз почтасы" мамлекеттик ишканасы тарабынан пенсияларды төлөп берүүгө Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигине караштуу Социалдык фонддун чыгымдарын оптималдаштыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Кыргыз почтасы" мамлекеттик ишканасына мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча пенсияларды жана жөлөкпулдарды почталык тейлөөгө төмөнкүдөй чыгымдардын ченеми белгиленсин:

- 2022-жылдын 1-январынан тартып - төлөөлөрдүн көлөмүнүн 1,20% деңгээлинде;
- 2023-жылдын 1-январынан тартып - төлөөлөрдүн көлөмүнүн 1,10% деңгээлинде;
- 2024-жылдын 1-январынан тартып - төлөөлөрдүн көлөмүнүн 0,95% деңгээлинде;
- 2025-жылдын 1-январынан тартып - төлөөлөрдүн көлөмүнүн 0,80% деңгээлинде.

2. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигине караштуу Социалдык фонд менен биргеликте пенсиялык каражаттарды мыйзамсыз эсептен чыгаруу жана максаттуу эмес пайдалануу фактыларын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Кыргыз почтасы" мамлекеттик ишканасынын пенсияларды төлөөгө карата келишимдик милдеттенмелерин аткаруу боюнча тартип бузууларды жокко чыгаруу боюнча чараларды көрсүн.

3. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 14-майындагы №218 "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун ар жылдык бюджетин аткаруу боюнча чаралар жөнүндө" токтому;

2) "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 16-августундагы №453 "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун ар жылдык бюджетин аткаруу боюнча чаралар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 14-майындагы №218 токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу" токтому;

3) "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 14-декабрындагы №758 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 14-майындагы №218 "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун ар жылдык бюджетин аткаруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу" токтому.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын саламаттык сактоо жана социалдык коргоо бөлүмүнө жүктөлсүн.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 1-сентябры, №157

Өрнөктүү өмүр

ТУРГУНБЕК СУВАНБЕРДИЕВ КАЛКЫ ҮЧҮН КҮЧ-АРАКЕТИН АЯБАГАН АДАМ ЭЛЕ

САЙ-СӨӨГҮМДҮ СЫЗДАТТЫ

Кызмат ооштуруп четке кетүүгө чоң камылга көрүп жаткан учурумда жергебизден кайгылуу кабар келди, бул жеке мен үчүн да күтүлбөгөн өтө бир чоң жоготуу болду. Ал жылдыздуу, нурлуу, өзгөчө ак ниет адам эле, ардактаган агам да, ынак туткан жолдошум да эле. Кыргыз элинин эң көрүнүктүү уулдарынын бири деп айтсак жарашат. Дартка чалдыгып, операция болгондон бери алабалын сурамжылап билип турчу элем. Минтип, күтүлбөгөн жерден кайтыш болуп, менин сай-сөөгүмдү сыздатты.

Турмуштан алган тажрыйбасы мол, кулк-мүнөзү ачык-айрым, эл иши дегенде жандили менен берилген Тургунбек Суванбердиевдин улуу инсандык өмүрү көз алдыма өттү, мен андан көп жагынан үлгү алдым. Маркум Тургунбек Суванбердиев элибиздин азыркы кездеги кут токтогон аксакалы эле, анда элди эл кылган касиет, чоң аброй бар эле. Эски көрүнүшкө салып, кызмат даражасы боюнча гана адамды баалабай, мен анын рухий жана интеллектуалдык сапатын баса белгилеп айтып жатам. Ал китеп чыгаруу майданында жыйырма-отуз жылдап иштеди, ким болбосун каралашып, өз жардамын аяган жок. Мен өзүм да чыгармачылыгым башталып жаткан кезде, “Бетме-бет” китеп болуп чыгып жаткан учурда, анын камкордугуна кабылдым, дайым көңүл буруп чыгармаларымды үзбөй окуп, өз ой-пикирин бөлүшүп, айттырбай аракетин кылып, адамга жакшылык жардамын берип турар эле. Бул жаркын адамдын бүткүл турган турпаты, ички руху, адамдык бийик дүйнөсү бир жолку Пишпек – Москва деген поезддеги чогуу жүрүштө мага укмуштай терең ачылганы күнү бүгүнкүдөй эсимде. Ошондон баштап мен Тукеме чоң сый менен таазим кылып калгамын. Дагы кайталайм – жүзү нурлуу, өзү жылдыздуу адамга таасири чоң, кайрымдуу, ак көңүл эле, агам да, жолдошум да болчу. Эми үнүн укпай, акыл-кеңешин эшитпей, суук кабарга моюн сунуп жаным кыйналып турат. Адамдын жакшы жактарын айта жүрөлү, коштошуп жатып, аброй арбагына таазим этели.

Ал согуштан кийинки мезгилде элибиздин маданий турмушуна чоң эмгек кылды, китеп чыгаруу ишине өз күчүн эч аяган жок. Коомдук ишмердиги, журналисттик салымы калайыкка маалым. Ал Муктар Ауэзовдун “Абайын” баш кылып которгон, көп китептерди элибизге тартуулаган.

Эсили кайран кишинин жаткан жери жайлуу болсун, элесиң эстен чыкпайт, эмгегиң унутулбайт, Кош Туке!

Чыңгыз АЙТМАТОВ

УРПАКТАРЫ УНУТПАЙТ

Жумуруят-журтубузга ак эмгеги менен таанылган, чарбалык ишмер, журналист, котормочу, учурунда кыргыз басма сөзүнүн уюткусу болгон Кыргызполиграфкомбинаттын аброюн бүткүл Союзга таанытканга күч-кубатын, чаалыкпас аракетин жумшап, кайталангыс адамдык асылдыгы, жаркылдаган шайыр тамашакөй кыялмүнөзү бар, улуу-кичүү менен ар дайым тең ата жүргөн өзүн ойлобой өзгөнү ойлоп, жаркын элесин кийинки муунга калтырган агайыбыз Тургунбек Суванбердиев тирүү болгондо, быйыл сентябрь айында 100 жашка чыкмак.

Мына ушундай асыл инсандын жетекчилиги астында бирге иштешип, жакшы адамды жакындан тааныу бактысы мага да туура келди.

Ал кара жанын карч уруп, калкы үчүн күч-аракетин аябаган, кай шартта болбосун жакшылыкка шериктеш, жамандыкка келишпес айкөл адам эле.

Суванбердиев Бишкек шаарындагы басма комбинатты 1966-жылы алгач баштаган мезгилден 25 жыл жетектеди.

Агайыбыз кажыбас кайраты, кысталышта кыябын таап айткан жүйөлүү далилдери менен тилинде мөөрү, дилинде жетекчилик жөндөм-шыгы бар белсемдүү кесипкөй уюштуруучу катары өзүн көрсөтө алды.

Ал өмүрүнүн чейрек кылымын республикада китеп басуу ишин өнүктүрүүгө арнады. Деги: “Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин” – деп, А.Токомбаев айткандай ардактуу агайыбыз бүткүл өмүрүн кыргыз элине кызмат кылууга арнады, - десем аша чапкандык болбос.

Тургунбек Суванбердиев Таластын Манас районунун Таш-Башат айылында 1921-жылы туулган.

1939-жылы Кыргызстан ЛКЖС, Киров райкомунда пропаганда жана агитация бөлүмүнүн башчысы, 1940-1945-жылдары “Кызыл Кыргызстан” гезитинде адабий кызматкер, бөлүм башчы, жооптуу катчы, жооптуу редактордун орун басары, 1945-1946-жылдары “Ленинчил жаш” гезитинин редактору болуп иштеген.

1949-жылы Москвадагы КПСС БКнын алдындагы Жогорку партиялык мектепти аяктаган соң, Кыргызстан ЛКЖС, Фрунзе обкомунун биринчи катчысы, 1950-1951-жылдары “Коммунист” журналынын редактору, 1951-1953-жылдары Кыргызстан КПБКнын искусство жана адабият боюнча секторунун башчысы, 1953-1956-жылдары Кыргызрадио-информация башкы башкармасынын начальниги, 1956-1958-жылдары “Кыргызмамбастын” директору, 1958-1963-жылдагы “Советтик Кыргызстан” гезитинин редактору, 1963-1966-жылдары Кыргыз ССР Министрлер Советинин алдындагы басма боюнча комитеттин төрагасы болуп иштеген.

(Айта кетмекчи – ушул кызматта турганда Кыргызполиграфкомбинатын өзү курдура баштаган). 1958-1967-жылдагы Кыргыз ССР жуналисттер союзунун төрагасы.

Агайыбыз алгач 1938-жылы он жети жашында “Эртең шайлоо”, “Улуу летчик”, “Биздин эл” ж.б ырларын басма сөздө жарыялаган. Котормочу катары М.Ауэзовдун “Абай жолу” эпопеясын, Джон Риддин “Дүйнөнү дүңгүрөткөн он күн”, С.Штеменконун “Генштаб согуш жылдарында”, В.И.Ленин-дин, Н.Камардиндин, С.Габасовдун, Н.Карагуловдун ж.б. чыгармаларын которгон.

Журналист катары: “Өз көзүм менен”, “Көгүлтүр Нил өлкөсүндө”, “Сапардагы байкоолорум” деген очерктер жыйнагын, көптөгөн публицистикалык макалаларды, эскерүүлөрдү жазган.

Т.Суванбердиевдин эмгеги 1946-жылы Ардак белгиси ордени, 1962-жылы Эмгек Кызыл Туу ордени жана медалдар менен бааланган, 1957-жылы СССР маданият министрлигинин “Эң мыкты иштегендиги үчүн” төш белгисинин ээси болгон. 1971-1981-жылдары “СССР басма сөз отличниги”, 1986-жылы “Кыргыз эл агартуу отличниги” наамын алган. Ал Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына жана Кыргызстан КП БКнын мүчөлүгүнө бир нече жолу шайланган.

Т.Суванбердиев жумуруятыбызга басма иши өнөр жай катары калыптанып жаткан учурда Полиграфкомбинаттын алгачкы жетикчиси болду. Мына ушундай кырдаалда тармактын эң ири ишканасын жаңы техникалык жабдуулар, өндүрүштү билген кадрлар менен камсыз кылуу социалдык проблемаларды чечүү оңой-олтоң иш эмес эле.

Ушул жерде агайыбыздын башкаруу жана эмгекти уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү, адамдын адал эмгегин баалай билгендиги өзгөчө таасын көрүндү. Улуттук кадрларды өстүрүү агайдын башкы тилеги эле.

Генерал-майор А.Медетбеков, ошондой эле азыркы учурда басма системасында жигерлүү эмгектенип жүргөн Э.Садыкова, М.Курбанбаева, Г.Шабралиева, Г.Джатаева, С.Шамбетова, Н.Токтомушева учурунда агайыбыздын жолдомосу менен Москва, Ленинград, Куйбышев, Львовдогу кесиптик жогорку окуу жайларын бүтүрүп келишкен.

Кээ бир учурда сыркоолоп калганына карабастан жумуштун жүрүшүн өзү көзөмөлдөп, кээде эмгектик эс алуусун да кийинкиге калтырса, бир жагынан анын комбинатсыз жашай албастыгы бизди суктандырчу.

Ал киши базар экономикасына өтүүнүн татаал жагдайларын эбак сезип, союздагы тектеш ишканалар менен алыш-бериш багытында байланышты бекем түзүп, алар бизди агайдын көзү өткөндө да, беш жылдын соңуна дейре сырье менен үзгүлтүксүз камсыз кылып турду. Полиграфкомбинатта ошол убакытта продукция өндүрүү көлөмү эч азайбай, алты жүздөй жумушчу иш менен камсыз болуп, айлык маянасын кечиктирбей алып турду.

Т.Суванбердиев ишканада эмгектенгендердин талап-мүдөөсүнө дыкаттык менен мамиле кылаар эле. Ал кишинин талыкпай изденүүсүнүн, кирешени тыйынына чейин үнөмдөй билгенинин натыйжасында мурдагы (аны да өзү салдырган) көзгө басар эки кабаттуу жатаканадан тышкары, аз үйбүлөлөр үчүн токсон батирлүү үй курдуруп, комбинатта кезек күтүү маселесин бир топ жеңилдетип кетти. Он жылдап көрүнгөндүн короосунда батирлеп жүргөн кыргыздарды үйлүү кылыш, бул эрдик эмей эмне? Муну эч ким тана албайт.

Бирок аттиң, ал киши көзү тирүүсүндө сиңирген эмгегинин баасын толук албай кетти. Сенектик мезгилинде партократтардан эч себепсиз куугунтук жегенин айтып: “Пендечилик да!” – деп күлүп коёр эле.

Кийинки Өкмөт башчылары деле ал кишинин эмгегин баалай албады. Антпегенде Т.Суванбердиев Манас ордени болбосо да, жок дегенде “Кыргыз маданиятына эмгек сиңирген ишмер” – деген наамга татыксыз беле...

Ушул чакан макалада агайыбыз баскан байсалдуу жолго көз чаптыруу менен жүрөк өйүгөн бир топ ойго дуушар болдум.

Т.Суванбердиев канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай, алаканына салып 25 жыл бапестеп өстүрүп келген Кыргызстанда китеп чыгаруучу бирден-бир басманын алдым-жуттум доорундагы тагдыры.

Кайсы себеп жагдайлардын натыйжасында полиграфкомбинат 2006-жылга чейин талкаланып жок болуп калды? Эмнеге?

Кыргызстанда жок, чылгый германиялык жабдууларга ээ болгон, кирешелүү ишкана, олчойгон үстөк пайызы менен кредитке коюлуп, тиешелүү мүлктөрүн дээрлик банкка алдырып, акчалуу шылуундардын талаш-тартыш төө бастысында калат. Таң калыштуусу ишкананын заманбап имараттары талкаланып, бытырап, чачылып анын пайдубалына бийликти тизгиндегендер көп кабаттуу үй салып, сатыкка коюп, алкымдарын сылаганы сылаган.

Ал эми азыркы элге билим берүү жаатында кыргыз мектептери окуу куралдары менен толук жабдылбай, балдардын билим деңгээли төмөндөп турган кырдаалда: бир эле учурда бир нече түстөгү боёк менен продукция басып чыгарууга жөндөмдүү германиялык өндүрүштөн чыккан басма машиналар, басылган баракчаларды жыйноочу, тигүүчү, мукабалоочу агрегаттар кийинки эле жылдары орнотулган, катуу мукаба менен капталчу китептердин 20дан ашуун операцияларын автоматтык түрдө аткаруучу германиялык “Колбус” фирмасынын агрегаты, ушулардын баарын тейлеген, Германиядан, Россиядан, Украинадан, Литвадан окуп келген тажрыйбасы, кесиптик чеберчилиги бийик, адискөй кадрлар жеке ишкерлердин колуна тийип, калк кызматына жарабай ошолордун капчыгынын камын көрүүдө. Алар эмне кыргыз мектептер окуу куралдарына муктаж экенин ойломок беле.

Болбосо комбинат 1998-жылы өз алдынчалыкка жетишип, 2003-жылы өкмөт токтому менен Кыргызстандын экономикалык өнүгүшү үчүн өзгөчө керектүү, экономикалык коопсуздугун коргоого өбөлгө түзчү стратегиялык маанилүү ишканалар тизмесине киргизилип, өкмөт комбинаттын 72% акциялык ээси эмес беле.

Ылайым ошондой эле болуп жаңыча түптөлгөн акционердик коомго айкөл агайыбыз Т.Суванбердиевдин ысмын ыйгарып койгондо кана...

Аттиң!..

И.КЫЛЫЧБЕКОВ,
ошол учурдагы кесиптик уюмдун төрагасы

2021-ЖЫЛДЫН 28-НОЯБРЫНА ДАЙЫНДАЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООНУ ДАЯРДОО ЖАНА ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА НЕГИЗГИ УЮШТУРУУ-ПРАКТИКАЛЫК ИШ-ЧАРАЛАРЫНЫН КАЛЕНДАРДЫК ПЛАНЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесин жетекчиликке алып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-августундагы ПЖ №370 Жарлыгы менен дайындалган Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү уюштуруу максатында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чараларынын календардык планы бекитилсин (тиркелет).

2. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш, 2021-жылдын 29-августу, №663

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясынын
2021-жылдын 29-августундагы №663
токтому менен бекитилген

2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чараларынын КАЛЕНДАРЛЫК ПЛАНЫ

Шайлоо күнү – жекшемби
2021-жылдын 28-ноябры

№	Иш-чаралардын мазмуну	Аткаруу мөөнөтү	Аткарууга жооптуулар
	Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын жарандарга, саясий партияларга, жалпыга маалымдоо каражаттарына (мындан ары – ЖМК), шайлоо комиссияларына жана шайлоо процессинин катышуучуларына кайрылуусу	Шайлоо дайындалгандан кийин (2021-жылдын 29-августу)	Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – БШК) Маалымат бөлүмү
	БШКнын жумушчу топторун түзүү	Шайлоо дайындалгандан кийин	БШК Укуктук камсыздоо бөлүмү
Шайлоону маалыматтык жактан камсыздоо			
1.	Шайлоо өнөктүгүнө катышуу үчүн аккредитациялоо жөнүндө ЖМКларга Борбордук шайлоо комиссиясынын кайрылуусу	Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы расмий жарыялангандан кийин	Маалымат бөлүмү
2.	БШКга ЖМК, интернет-басылмалар тарабынан эфир убактысын, басылма аянтын бергендиги үчүн төлөө өлчөмү же интернет-басылмада жарыялоо укугу жана башка шарттары жөнүндө маалыматтарды берүү	Шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 20 календарлык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 17-сентябрына чейин (кошуп алганда))	БШКнын жумушчу тобу, маалымат бөлүмү, ЖМК, интернет-басылмалар «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 22-беренесинин 20-бөлүгү (мындан ары - Мыйзам)
3.	БШК өзүнүн расмий сайтында эфир убактысын, басылма аянтты төлөө өлчөмү же интернет-басылмада жарыялоо укугу жана башка шарттар жөнүндө берилген маалыматтарды жарыялоосу	Шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 25 күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 23-сентябрына чейин)	Маалымат бөлүмү Мыйзамдын 22-бер. 20-бөл.
4.	Коомдук пикирди сурамжылоонун натыйжаларын, шайлоонун натыйжаларынын божомолдорун, шайлоого байланышкан башка изилдөөлөрдү жалпыга маалымдоо каражаттарында, интернет-басылмаларда жарыялоого (чагылдырууга) тыюу салуу	Добуш берүү күнүнө чейин акыркы 5 календарлык күндө (2021-жылдын 23-сентябрынан тартып)	БШКнын жумушчу тобу Мыйзамдын 22-бер. 6-бөл.
Бир мандаттуу шайлоо округдарын түзүү, округдук шайлоо комиссияларын түзүү			
5.	Бир мандаттуу шайлоо округдарын түзүү Калкты каттоо, жер ресурстарын башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, ЖӨБО тарабынан маалыматтарды берүүсү	Шайлоо күнү дайындалгандан кийин 3 календарлык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 1-сентябрына чейин (кошуп алганда))	БШКнын ведомстволор аралык жумушчу тобу Мыйзамдын 13-бер. 1^{1}-бөл.
6.	Шайлоо округдарынын схемаларын жана чек араларын түзүү жана бекитүү	Шайлоо күнү дайындалгандан кийин 7 календардык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 6-сентябрына чейин)	БШК Мыйзамдын 13-бер. 1^{2}-бөл.
7.	Шайлоо округдарынын тизмесин БШК расмий сайтында жана ЖМКда жарыялоо	Округдар бекитилгенден кийин 5 календардык күндүн ичинде	БШК Мыйзамдын 13-бер. 1^{5}-бөл.
8.	Округдук шайлоо комиссияларын түзүү	Шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилине	БШК Мыйзамдын 12-бер. 5-бөл.
Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жактарда шайлоо участокторун түзүү			
9.	Кыргыз Республикасынын тышкы иштер боюнча ыйгарым укуктуу органынын сунушу боюнча жана аккредитацияланган өлкөнүн тиешелүү органдары менен макулдашуу боюнча, Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жерлерде жашаган же жүргөн шайлоочулардын добуш берүүсүн өткөрүүнү уюштуруу жана добуштарын эсептөө үчүн, эреже катары, Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттердеги мекемелеринин аймагында шайлоо участокторун түзүү	КРнын ТИМнин сунушунан кийин	ТИМ БШК Округдук шайлоо комиссиясы (мындан ары – ОШК) Мыйзамдын 13-бер. 3-5-бөл.
10.	БШКнын, Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн, консулдук мекемелеринин жана аккредитацияланган чет өлкөдөгү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын өкүлчүлүктөрүнүн сайттарында шайлоо участоктору жөнүндө маалыматтарды жайгаштыруу	Алар бекитилген күндөн тартып 5 календардык күндөн кечиктирбестен	ТИМ, БШК, Мыйзамдын 13-бер. 5-бөл.
11.	Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жерлерде шайлоо комиссияларын түзүү	Шайлоо дайындалган күндөн тартып 15 күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 13-сентябрына чейин)	ТИМ, БШК, ОШК «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Мыйзамынын 19-беренеси, «КРнын аймагынан тышкары жактарда жашаган же жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууну камсыз кылуу жөнүндө» Жобонун 9-пункту
Добуш берүү үчүн жай			
12.	Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын муктаждык картасын түзүү	Добуш берүү күнүнө чейин 60 календардык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 28-сентябрына чейин (кошуп алганда))	ОШК, УШК, ЖӨБО Мыйзамдын 29-бер. 6-бөл.
13.	Добуш берүүчү жайды ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын муктаждык картасында көрсөтүлгөн керектөөлөрүнө ылайык келишин текшерүү	Добуш берүү күнүнө чейин 50 календардык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 9-октябрына чейин)	ОШК, УШК, ЖӨБО Мыйзамдын 29-бер. 6-бөл.
14.	Тийиштүү ЖӨБОлорго ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн добуш берүүчү жайдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү боюнча кайрылуу жөнөтүү	Шайлоо күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 19-октябрына чейин)	ОШК, УШК, Мыйзамдын 29-бер. 6-бөл.
Эл аралык жана коомдук байкоочулар			
15.	Эл аралык уюмдарга жана чет мамлекеттердин шайлоо органдарына шайлоого байкоо жүргүзүүгө катышууга чакыруу жөнөтүү	КР Президентинин Жарлыгы расмий жарыялангандан кийин	Президенттин Администрациясы, Жогорку Кеңеш, Министрлер Кабинети, БШК Мыйзамдын 10-бер. 1-бөл.

(Уландысы 14-бетте)

Эгемендүүлүгүбүзгө – 30 жыл

Т.Сатылганов атындагы №69 окуу-тарбия комплекс-гимназиясынын директору Сайрагүл АТАЕВА:

«Мамлекетибиз эркин жана коопсуз сакталышын каалайм»

Мамлекетибиздин эгемендүүлүк майрамын улай көп жылдардан бери билим берүү тармагында үзүрлүү эмгектенген үлгүлүү жетекчи, Т.Сатылганов атындагы №69 окуу-тарбия комплекс-гимназиясынын директору Сайрагүл Атаева эже менен акыркы учурдагы билим, тарбия маселелери тууралуу маек курдук.

“Учурда билим берүү стандарттары өзгөрдү”

- Өлкө эгемендүүлүктү алгандан бери билим берүү жаатында көптөгөн өзгөрүүлөр болду. Билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары, жалпы мамлекеттик билим берүү стандарттары, предметтик стандарттар өзгөрдү. Мурда бардык мектептер базалык билимди алып келишсе, учурда гимназиялар, лицейлер тандап алган багытына карата профилдүү окутуу жүргүзөт. Ата-энелердин, окуучулардын кызыкчылыктарына, талаптарына, заманга жараша окууда көптөгөн мүмкүнчүлүктөр пайда болду. Бүтүрүүчүлөр гранттык негизде сырттан жогорку окуу жайларында билим алууга мамлекет, мектептер тарабынан шарттар түзүлдү. Муну эгемендүүлүктүн бир жагымдуу жагдайлары катары бааласа болот.

Билим алууга болгон керектөөлөрүн канааттандырууда чоң талаптар башталды. Каржылоонун жетишсиздиги, окуу материалдарынын, билим берүү түзүмдөрүнүн эскириши, мугалимдердин кесиптик билимдеринин чектелүүсү жана башка табигый көрүнүштөр коомдун изденүүсүнө алып келди. Андыктан USAID тарабынан “Келгиле, окуйбуз!” (2016-2021), “Бирге окуйбуз” (2013-2017), Жалпы республикалык тестирлөөнү колдоо (2002 - 2016), “Сапаттуу билим” (2007-2012), “Окуу керемет!” (2019-2024), Германиянын эл аралык кызматташтык коому (GIZ) тарабынан “Кесипке багыт берүү” деген сыяктуу ар түрдүү долбоорлорду мамлекетибизге алып келип, мектептер иш алып барып жатабыз. Окуучулардын билим сапатын көтөрүүнүн негизги бир багыты – мугалимдин ишинин артыкчылыгына көңүлдү буруу зарылчылыгы келип чыгат. Мындан улам мугалимдер ар түрдүү технологияларды өздөштүрүп, кесиптик чеберчилигин үзгүлтүксүз өркүндөтүүнүн үстүндө изденип иш алып барышууда.

“Мугалимдер Германиядан, Кытайдан билимдерин жогорулатышат”

- Жыл сайын биздин гимназияда сыймыктанчу иштер көп болот. Биз Кыргыз Республикасындагы мекемелерден сырткары эл аралык байланышты бекемдеп, Германиянын билим берүү боюнча Борбордук Азиядагы мекемеси (ZFA), Ж.Баласагын атындагы КУУнун алдындагы Конфуций институту (КЭР), Германия коомунун эл аралык кызматташтыгы (GIZ), АКШнын эл аралык өнүгүү боюнча агенттиги (USAID), Германиянын педагогикалык тажрыйба алмашуу кызматы ZFA, “Мектеп окуучуларынын алмашуусу”, “Окуучулардын профориентациясы”, “Устат, шакирт” “Агахан” фондусу, “Туруктуу мектептерди глобалдык издөө” UNEP (БУУ), “Окуу керемет” (USAID), Корея элчилигинин алдындагы “Корей тил” борборунун долбоорлору менен кызматташабыз. Ал кызматташтык өз жемишин берүүдө. Гимназия немец, кытай, корей тилдерин тереңдетип окутат. Ал багыттагы мугалимдер Германиядан, Кытай Эл Республикасынан жыл сайын билимдерин жогорулатып келишет. Окуучулар немец тилинен B1, B2, C1, кытай тилинен “HSK , “HSKK” дипломдоруна ээ болушат. DSD II тил дипломун алган окуучулар Германиянын ЖОЖдоруна тил экзаменин тапшырбастан өтүүгө укуктуу. Кытай тилинен “HSK, “HSKK” 1-5 - деңгээлге чейин алып, бул сертификаттар Кытай Эл Республикасынан текшерилип келет. Ушул сертификаттарды алган 60тан ашуун бүтүрүүчүлөрүбүз Германияда, КЭРдин Пекин, Шанхай, Гуанчжоу шаарларында гранттык негизде билим алышууда.

“Окуучуларыбыз чет өлкөлүк ЖОЖдорго окууга өтүштү”

- Инновациялык ишмердүүлүктө UNEP БУУнун айлана - чөйрөнү коргоо программасы боюнча “Туруктуу мектептерди глобалдык издөө“ долбоорунда туруктуу өнүгүүнүн идеяларын жана принциптерин жайылтууда Кыргыз Республикасы боюнча 4 мектеп сынактан тандалып алынган. Ошол 4 мектептин катарына биздин гимназия да кирип, иш алып барууда. “Туруктуу мектептерди глобалдык издөө“ долбоорунда ар бир предметти интеграциялоонун негизинде предметтик мугалимдердин календардык-тематикалык пландарына киргизүү аркылуу окуучулардын экологиялык ой жүгүртүүсүн, экологиялык маданиятын, аң-сезимин калыптандырууга багыт алдык. Ушул жаатта мугалимдер тесттердин, жат жазуулардын жыйнагын, усулдук иштелмелерди иштеп чыгышты. Инновациялык процесстин жүрүшүндө чет элдин иш тажрыйбасын үйрөнүү менен окуучулардын билим сапаты, жетишүүсү олимпиадага даярдоого, изилдөө долбоорлоруна жана окуучулардын билим, билгичтиктерин сыноо кароо-сынактарына катышууга өбөлгө түздү. Учурда окуучулардын билим сапатынын жогорулашынын натыйжалуулугу байкалууда. Алсак, окуучуларыбыз Германия, Кытай, Орусия, Чехия, Түркия, Словакия жана башка мамлекеттердин ЖОЖдоруна гранттык негизде окууга өтүштү. 2020-2021-окуу жылында GIZ кызматташтыгынын “Кесипке багыт берүү” долбоору боюнча 5 тепкичтүү пилоттук программасын 9-класстарга окутуу улантылды. Мындан улам ар түрдүү сынактарга катышабыз. Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү башкармалыгы тарабынын “Мыкты короо сынагы” уюштурулуп, сынакта 1-орунга ээ болдук. Райондук, шаардык, республикалык предметтик олимпиадаларда, изилдөө иштеринде, спорт жаатында, эл аралык ар түрдүү кароо-сынактарда да байгелүү орундарга арзып келебиз. Мындай ийгиликтерди айта берсек абдан көп. Бул бир жылдык гана ийгиликтерибиз.

Сыйлык – сыймык

- Пандемия убагында биз дагы окуучуларды аралыктан окуттук. Мугалимдер изденүү менен иш алып барышты. Карантинде мугалимдер КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан уюштурулган телеберүү аркылуу сабак өтүүгө кыргыз тили жана адабияты мугалими Усупбай уулу Кенжегул, башталгыч класстардын мугалимдери Мааткеримова Айнура, Маткасымова Райла, Акжолова Уулбубу, Ибираева Азия, орус тили мугалими Бегалиева Айгуль, география мугалими Асаналиева Жылдыз, биология мугалими Токтомамбетова Аймиралар активдүү катышышты. Жыйынтыгында онлайн сабак берген мугалимдер КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан Ардак грамоталарга, Ыраазычылык кат жана “Билим берүүнүн мыктысы” төш белгилерине ээ болушту.

“Бакчабызга 131 карагай, 135 ак кайың отургуздук”

- Гимназия иш тажрыйбаларын жайылтууда: “Туруктуу мектептерди глобалдык издөө” долбоорунун алкагында ишмердүүлүктү жайылтуу” аттуу семинар 1-Май районунун мектеп директорлору үчүн шаардык: “Математика сабагынан аралыктан окутууну уюштуруу үчүн ыңгайлуу платформаларды жана инструменттерди колдонуу” аттуу математика мугалимдери үчүн, “Аралыктан окутуунун куралы” кыргыз тили жана адабияты мугалимдери үчүн, “Биология, химия сабактарын аралыктан окутуунун платформалары” деген темада химия, биология мугалимдери үчүн, “Окуучулардын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү” деген темада башталгыч класстардын мугалимдери үчүн, “Тил дипломуна даярдык көрүү“ аттуу темада республиканын немец тили мугалимдери үчүн, мектептин “Туруктуу мектептерди глобалдык издөө жана башка долбоорлордун ишмердүүлүгү” аттуу темада республикадагы пилоттук мектептер үчүн бир нече семинарларды уюштурдук. Натыйжада “Туруктуу мектеп” долбоорунун алкагында мектептин инфраструктурасына өзгөрүүлөр киргизилип, жашылдандыруу иштери жүргүзүлдү. “Келечек” аллеясы 2020-жылы декабрда негизделди. Спорттук чуркоо жолунун эки тарабына жалпы 131 ийне жалбыректуу көк карагайлардын көчөттөрүн отургуздук. Ар бир карагайдын түбүнө тамчылатып сугаруу системасын орноттук. “Келечек” аллеясына мектептин ата-энелери, педагогикалык жамаат, 4-8-9-10-11-класстардын окуучулары активдүү катышты. Мектептин айланасына жашылдандыруу иштери жүргүзүлдү. 2021-жылдын 27-мартында гимназиябызда “Ак кайың” бакчасы уюштурулду. Буга “Нур” телеком 90, ата-энелер 45, жалпы 135 ак кайыңдын көчөтүнө жана тамчылатып сугаруу механизмдерине демөөрчү болуп беришти. Иш-чара майрамдык маанайда “Нур” телекомдун кызматкерлеринин, ата-энелердин, мугалимдердин катышуусунда өттү. “Ачык асман алдындагы классы” мектептин ортосундагы аянтчага уюштурулду. Ийне жалбыректуу өсүмдүктөрдүн түрлөрү, бадал, көп жылдык чөп өсүмдүктөрү отургузулду. Мында биология, табият таануу, көркөм өнөр, технология, немец, англис, кытай, корей, орус тили жана адабияты сабактары жана ар түрдүү экологияга байланышкан иш-чаралар өтөт. Оранжереядагы жаңы жашылдандыруу иши болду. “Туруктуу мектептерди глобалдык издөө” демилгесинин алкагында мектепте оранжереяны жашылдандыруу боюнча калыптандыруу иштери жүргүзүлүүдө. Мектептин оранжереясында экзотикалык жаңы өсүмдүктөрдүн түрлөрү да эгилген.

Туруктуу тарбия, сапаттуу билимге болгон аракет

- Окуучуларыбыздын тажрыйба алмашуу программасы боюнча Германиянын Бремен шаарындагы Линкс дер Везер гимназиясы менен кызматташып иш алып барабыз. Эки тараптын окуучулары бири-бири менен катташып турушат. Ошондой эле Кытайдын Аньшань шаарынын мектеби менен байланыштабыз. Кытай тилинен онлайн сабактар өтүп турат. Андан сырткары мектептер менен гана эмес, ЖОЖдор менен да тыгыз кызматташабыз. Быйыл жайкы каникулда КЭРдин Шеньян шаарынын политехникалык университети тарабынан түздөн-түз окутуу жүргүзүлүп, аралыктан 44 окуучубуз окушту. Окуучулардын билими көз карандысыз мекемелер тарабынан – “Билимди баалоо жана окутуу усулдары борборунан”, “Нова”, “Улуттук тест борборунан”, Германия мамлекетинен, КЭРден текшерилип турат. Тарбия багытында тынымсыз иш-аракеттер жүрөт. GIZ долбоорунда “Кесипке багыт берүү” боюнча пилоттук класстарга сабактар өтүлүп, окуучуларды окуу жайларга экскурсияга, жолугушууларга алып бардык. “КАДАП-6” долбоору жашы жете элек өспүрүмдөрдүн арасында баңги заттарды колдонууга каршы, аны болтурбоого карата түзүлгөн программа менен иш алып барып, 6-7-8-класстарга онлайн сабактар өтүлдү. “Биз зордук-зомбулукка каршыбыз”, “Ичимдик, баңги заттардын зыяндуулугу” боюнча түзүлгөн класстар тарбиялык максаттагы видео-роликтерди жиберип, тарбия сааттар өтүлдү. Мектепте уюштурулган “Тимурчулар кыймылы” ар дайым өзүбүздүн аймакта жашаган жалгыз бой карыларга, Ата Мекендик согуштун ардагерлерине жардам берип турушат.

“Ынтымакта эмгектенсек улуу максаттарга сөзсүз жетебиз”

- Жаңы окуу жылына даярданып, ремонт иштерин жүргүздүк. Окуучуларды жаңы дем-күч менен тосуп алууга жан үрөп жатабыз. Мугалимдер билим сапатын жакшыртуу үчүн ар кандай окутуу технологияларын, ресурстарды жана платформаларын өздөштүрүшүүдө. Саламаттыкты сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин тарабынан эскертилген талаптарга ылайык вирустук жугушту ооруларды эске алуу менен жаңы окуу жылына даярдыктарды көрдүк. Кырдаалга жараша мугалимдер COVID-19га каршы эмдөөдөн өтүп жатышат. Быйылкы окуу жылдын 15-сентябрда башталганы мамлекетибиздин кызыкчылыгы үчүн чоң пайда келтирет деген ойдомун. Өлкөдөгү эпидемиологиялык кырдаалга ылайык офлайн режиминде билим алууга акырындык менен өтүү кабыл алынып жатканын туура деп эсептейм. Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, элибизди эгемендүүлүк майрамы менен куттуктайм. Күчтүү жана эгемендүү Кыргыз Республикасын куруу – баарыбыздын колубузда. Андыктан, мамлекетибиз эркин жана коопсуз, өнүгүп-өскөн өлкө бойдон сакталышын каалайм. Мындай улуу максаттарга баарыбыз ынтымакта биргелешип эмгектенсек сөзсүз жетебиз.

Жазгүл КАРБОСОВА

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Органикалык айыл чарбасында

«BiO-KG» Органикалык Кыймыл Федерациясынын директ

«ТАЗА АЗЫКТАР, РУХАН КЫРГЫЗДЫН НУКУРА

Августтун аягында Талас облусунун Талды-Булак жана Көпүрө-Базар деген органикалык аймактарында эки күндүк иш-чара болуп өттү. Ага чакырылган Президенттин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Кыял Жанузакова, райондук администрация башчысы Нургазы Нармырзаев, жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү, жер-жерлерден чакырылган айыл чарба адистери, фермерлер жана журналисттер органикалык аймактагы ар бир үйдүн чарбагында жүрүп жаткан көңүл жубатарлык иштерге күбө болуп кайтышты.

Кыргыз Республикасындагы «BiO-KG» Органикалык Кыймыл Федерациясы органикалык аймак моделинде биокөптүрдүүлүктү сактоого, өнүктүрүүгө, органикалык продукцияны таанууга жана азык-түлүк коопсуздугуна жетишүүгө активдүү катышкандыгы менен белгилүү. Максаты – органикалык аймакта органикалык айыл чарбасын өнүктүрүп, жашоочуларын таза тамак-аш менен ден соолугун чыңдоо жана жаратылышты коргоо. Ошондой эле азыркы учурда адамдардын жаратылышка болгон көз карашын, мамилесин өзгөртүп, аң-сезими менен жан дүйнөсүндө бурулуш жасоо. Унутулуп бараткан улуттук каада-салттарыбыз жана руханий баалуулуктарыбыз менен жашоо кечирүү бүгүнкү күндүн негизги талабы деп белгиледи «BiO-KG» Органикалык Кыймыл Федерациясынын директору Искендербек Айдаралиев. Ал органикалык аймактын моделиндеги чакан компоненттердин элге жана мамлекетке тийгизген жардамы чоң экендигин, аларды бир-эки айыл өкмөтүндө эле эмес, республика боюнча жайылтуу керектиги тууралуу сөз кылып берди.

Европа, батыш өлкөлөрүндөй боло албадык, себеби...

– Талас облусунда биздин Талды-Булак жана Көпүрө-Базар деген эки органикалык аймагыбызда иштердин жүрүп жатканына 7-8 жыл болду. Аймактардын базасында органикалык аймак модели түзүлгөн. Анын бир нече компоненттери бар. Органикалык айыл чарбасын жүргүзүү менен бирге биздин ата-бабаларыбыздан бери келе жаткан каада-салттарыбызды, үй-бүлөлүк жана руханий баалуулуктарыбызды, маданиятыбызды, жаратылышка болгон мамилебизди ж.б. баарын органикалык аймак моделине киргизгенбиз. Аймактын тургундары органикалык таза тамак-аш менен эле азыктанбастан, жан дүйнөсүн да руханий жактан тазартуусу бүгүнкү күндө аба менен суудай керек. Себеби, эгемендүүлүктү алгандын алгачкы жылдарында өлкөбүздүн өнүгүүсү үчүн мамлекет башында тургандар Америка, Европа өлкөлөрүнүн өнүгүү жолундагы реалдуу процесстердин үлгүлөрүн киргизишкен. Тилекке каршы, алардын бири да биздин каныбызга сиңген жок. Менталитетибиз башка болгондуктан, ал нерселерди кабыл ала алган жокпуз. Ошентсе да, аларды туурагыбыз келип, өз каада-салттарыбыздан, өзгөчөлүктөрүбүздөн күн өткөн сайын алыстай баштадык. Пейил бузулду. Мына ошол бузулган пейилди, ички дүйнөнүн ачкалыгын руханий жактан толтуруу, салт-санаа, каада-салттарыбызды кайрадан калыптандыруу максатында органикалык аймактарда иштерди жүргүзүп келебиз.

Руханий баалуулуктарыбыз менен жаштарды тарбиялашыбыз керек

– Мындан 4 жыл мурда Талды-Булак органикалык аймагында чогулган эл арасынан аксакалдардын ичинен өзгөчө бир апанын “Ширге Жыяр” деген жакшы жөрөлгө тууралуу айтып бергени эсибизде. Анын маани-маңызына барган эл абдан кызыгып, улам сурап жатышты.

Күз мезгилинде кыргыздар жайлоодон түшкөндө чогулуп, жайыл дасторкон үстүндө бала-бакыранын, мал-жандын амандыгын сурашып, шүгүрчүлүк келтиришкен. Сабанын түбүндө калган кымызды жакшы тилек менен ооз тийишип, кийинки жылдагы жайлоо жөнүндө сөз кылышкан. Унутулуп калган мына ушул жакшы жөрөлгөнү колго алдык. Жаш муундарга да ушул багытта тарбия берүүнү бала бакчадан тартып, мектеп программасына киргизүүнү сунуш катары айтышкан. Биз экологиялык класстарды түзүү боюнча буга чейин эле мектептер менен иштешип келе жатканбыз. Окуучуларга биздин баалуулуктарыбыз, органика, таза тамак-аш деген эмне, модел деген түшүнүктөр боюнча окутуп, дилбаяндарды жаздыруу керек. Ошондой эле айылдагы Чоң-Кошой, Кичи-Кошой, Бакай-Таш, Сырдыбайдын-Ташы ж.б. жер-суунун, сайлардын аталыштары эмне себептен мындайча аталып калганы тууралуу тарбиялык мааниси бар маалыматтарды биле жүрүшсө ашыкча болбос эле.

Жаш муун кыргыздын тарыхын, ата-бабаларынын ким экендигин, маданиятыбызды, каада-салттарыбызды, жаратылышка кандай мамиле жасоо керектигин билбесе, анда мындан ары биз ким болобуз? Эгерде биз аларга айтпасак, биз ушундай иштерди жасабасак келечек бизди кечирбейт. Биздин негизги максатыбыз – ушул моделди иш жүзүнө ашыруу.

Эл колдогон иштер тез жайылат

– Эки күн органикалык аймакта болуп, тоонун башында жүрсөк да, баары колубуздан келет деген терең ишеним менен көңүлүбүз көтөрүлүп, жакшы маанайда кайттык. Иш-чарада аймактын жашоочуларынын өз күчү менен даярдалган улуттук маданияттын ажырагыс бөлүгү болгон көркөм кол өнөрчүлүктүн буюм-тайымдарын, ошондой эле машина менен жасалган ала кийиздерди, боз үйдүн туурдуктарын жана органикалык айыл чарба продукцияларын көрүп, жакшы саамалыктар эл колуна алынганына күбө болдук. Үй-бүлөлүк кирешени көбөйтүп, жакырчылыктан чыгууга мүмкүнчүлүктөр бар экендигин эл азыр жакшы түшүнүп калды. Тоо жергесиндеги органикалык аймактын жашоочуларынын

үлүш жерлеринен сырткары эшигинин астындагы 20-30 сотых бакчаларында мурда анча-мынча эгилген картөшкөлөрү болбосо, негизинен бош эле жатчу. Ошол жерлерди натыйжалуу жана кирешелүү иштетүүнүн, эң негизгиси ден соолукка пайдалуу продукцияны өндүрүп, аны кантип, кайсыл жакка сатса болот деген маселелердин тегерегинде талдоо жүргүзгөнбүз. Азыркы учурда туура тамактануу болбогондуктан, оорулардын баары жашарган. Жаш энелердин, балдардын ден соолугу абдан начар. Ошондуктан, жергиликтүү элдин ден соолугуна пайдасы көп жашылча-жемиштерди өстүрүүнү пландаганбыз. Ал жерде бул өсүмдүктөр абдан жакшы кабыл алынды. Аларды өстүрөөрдөн мурда фермерлерди окуттук. Өстүрүү технологиясын, сугаруу, химикаттарды колдонбоо, анын ордуна органикалык заттарды (чириндилерди, зыянкечтерге каршы кайнатма-ачытмаларды) пайдалануу, жерге кандай мамиле кылуу керектигин үйрөттүк.

Бош жерлер гүлзарга айланды

– Бакчаларга жалбыз, календула, валериан тамырын, ромашка сыяктуу дары чөптөрдү өстүрдүк. Күзүндө сатыкка чыгардык эле, элде абдан кызыгуу пайда болду. Мындан сырткары биоартүрдүүлүктү киргизип, сабиз, кызылча, сарымсак, помидор, бадыраң, капустанын түрүн, жашыл буурчак, укроп сыяктуу тоо жергесинде өспөйт деген жашылча-жемиштердин түрүн өстүрдүк. Бүгүнкү күндө кадимкидей түшүмүн берүүдө. Элде “биздин айылда баарын өстүрсө болот” деген чоң ишеним пайда болду.

Эки жылдын ичинде тоо койнунда кулпуруп өскөн жер-жемиштердин бакчасы Талас менен Нарын жергесинде пайда болду. Биз буларды туруктуу өнүгүүгө багыттап жатабыз. Көчөттөрүн өстүрүү үчүн парниктерди жасап бердик. Тамчылатып сугаруу технологиясын киргизип, сугаруучу, культивациялоочу жана картөшкөнү казган жабдууларын алып бердик. Эгерде ар бир аймакта 20-30 сотых жерлерди ушинтип, 70-80%га натыйжалуу иштетип кете ала турган болсок, бул чоң жетишкендик деп айтар элем. Үйдө олтурган кыз-келиндер үй-бүлөсүнүн мандайында олтуруп киреше тапкандарына бир кубанса, бир чети ден соолук үчүн нукура, таза тамак-аш менен камсыз болуп жатканына ыраазы болгондорун жашырган жок.

Ысык-Көлдөн, Нарындан, Чүйдөн барган фермерлерге, журналисттерге ар бир органикалык аймактан төрттөн фермердин бакчаларын көрсөтүштү. Баары таң калышты. Мисалы, биринчи жөөккө сабизди айдаса, кийинкисине сарымсакты, анан помидорду эгишкен. Бул аралаштырып эгүү ыкмасы жашылча-жемиштерди ар кандай оорулардан жана курт-кумурскалардан сактайт. Өз бакчасында өстүрүлгөн ар түрдүү жер-жемиштерден кышкыга да консервация даярдап алышууда. Мына ошентип, кичинекей чарбактан башталган иштерибиздин акыбети кайтып олтурат. Эл тарабынан колдоого алынган иштер тез эле жайылат.

Мындан сырткары парниктерди жасап, помидор, бадыраңдын көчөттөрүн сээп, элге тараттык. Ар бир аймакта питомниктерди жасап, кожогат, карагат, чычырканактардын көчөттөрүн олтургуздук. Эми аларды кантип көбөйтүү жолдорун үйрөтөбүз. Андан кийин мээнет кылган дыйкандар көчөттөрдү сатыкка чыгарышат. Коомдук бирикме түзүп, органикалык фермерлерге кызмат көрсөтөбүз. Ал жерде окутуп-үйрөтүүчү, тренерлерди даярдоочу жана кеңеш бере турган борбор түзүлөт.

Адамдардын пейилине жараша табият жооп кылууда

– «20 жыл мурда биздин жаратылышыбыз кандай эле? Азыр кандай абалга жетти?» деген маселенин тегерегинде изилдөө жүргүзүп, атлас иштеп чыгууну карап жатабыз. Мунун себептери айтпаса да түшүнүктүү. Жаратылышка, жан-жаныбарларга болгон мамилени, пейилди оңдобосок, күндүн катуу ысышы, суу ташкындары, токойлордун өрттөнүшү, жер титирөө ж.б. сыяктуу табигый кырсыктардын баары жаратылыштын балансынын бузулгандыгынан болуп жатат. Азыр адам баласы жаратылыштын коргоочусу эмес, эң биринчи душманы болуп калды.

Эл аралык сыйлыктардын ээси болдук

– Быйылкы жыл биз үчүн жемиштүү жылдардан болуп, эки эл аралык сыйлыктын ээси болдук. Биринчиси Азия чөлкөмүндөгү мамлекеттер арасында органикалык кыймылды колдоочулардын Эл аралык Федерациясы болгон IFOAM Азия ую-

тору Искендербек АЙДАРАЛИЕВ:

НИЙ БАЙЛЫК – ЖАШООСУ»

мунун «Ардактуу органик» деген номинациясын жеңип алдык. Бул уюмдун башкы кеңсеси Корея мамлекетинде жайгашып, Президенти Кытай мамлекетинин жараны. Сынакка Азия чөлкөмүнөн 22 мамлекеттен бизге окшогон уюмдар катышты. Сынактын талабы боюнча органикалык аймактын моделин сунуштаганбыз. Биздин органикалык аймакты уюштуруу багытындагы аткарып жаткан иштерибиз сынакта жогору бааланып, жеңишке жеттик. Бир жарым ай мурда сыйлыгыбызды онлайн форматында тапшырышты.

Экинчи чоң сыйлыгыбыз да эл аралык сыйлык. Бириккен Улуттар Уюмунун алдында азык-түлүк коопсуздугу жана экологияны сактоо боюнча уюштурулган «Экватор» сыйлыгы болду. Ага катышуу үчүн 126 мамлекеттен 600дөн ашык арыз түшкөн. Багыт боюнча жасалып жаткан иштерди көргөзүшкөн. Сынактын 10 номинациясы болду. Ошондой көп мамлекеттин ичинен иргелип олтуруп, биз да жеңишке жеттик. Сыйлык 5-октябрда тапшырылат. 126 мамлекеттин арасында Кыргыз Республикасынын желеги желбиреп турду. Бул дагы болсо органикалык фермерлердин, биздин кыймылдын жасап жаткан иштеринин акыбети кайтып жатканынан кабар берет. Эгемендүүлүгүбүздүн 30 жылдык майрамына карата бул алган сыйлыктарыбыз биз үчүн чоң сыймык болду.

Республиканы толугу менен органикалык айыл чарбасына өткөрүү – мамлекеттин иши

– Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлиги менен 2017-жылдан 2022-жылга чейинки Концепцияны иштеп чыгып, ага органикалык аймак моделин жана аны жайылтуу боюнча иштерди киргизгенбиз. 2019-жылы органикалык айыл чарбасы мыйзамдаштырылган. Эми программа иштелип чыгыш керек. Аны иштөө тобуна да киргенбиз. Былтыр аткаруу бийлиги тарабынан 7 аймакты органикалык аймакка киргизиш керек деген маселе коюлган. Органикалык аймактарды түзүү боюнча департамент азыр иштерди жүргүзүп жатат. Бирок, алардын түзгөн аймактары менен биз түзгөн аймактардын келишпеген жактары бар. Ошондуктан, биз кеңешип, бардык аймактардын түзүлүшүн бирдей стандартка келтиришибиз керек. Мамлекеттик Концепцияга кирген органикалык аймак жайылтылышы керек. Бирок, республиканын бардык аймагын органика кылуу мүмкүн эмес. Анткени, биздин көптөгөн жер аянттарыбызда уулуу заттар калып калган. 3 жыл химиялык заттарды колдонбосо, органика болот деп түшүнүшөт. Бул туура эмес. Алгач канча пайызын өткөргөнгө болот же болбойт деп изилдеп чыгышыбыз керек. Кыргыз Республикасынын 70% аймагын органикага өткөрүп алсак, абдан чоң иш жасаган болоор элек. Бул үчүн абдан чоң суммадагы акча каражаты талап кылынат. Мамлекет жасай турган иш. Органикалык айыл чарбасын негизги артыкчылыктуу багыт катары коюп, картирование, изилдөө иштери жолго коюлса, имиджибиз көтөрүлүп, бизге дүйнө эли суктанмак.

Аткаруу бийлигинин бизге моралдык жактан гана колдоосу керек

– Биз Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлиги, жергиликтүү бийлик органдары, Президенттин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү менен Меморандумга кол койгонбуз. Өзүбүздүн багытыбызды, эмне иш менен алектенерибизди айтып, ынандырып келебиз. Тилекке каршы, Министрлер Кабинетинин Төрагасы, жергиликтүү бийлик органдарынын башчыларынын тез-тез алмашып турушу биздин ишибизге ар тараптан залакасын тийгизет. Түшүнүп, көзү жетип жаңыдан иштешип баштаганда алмашып кетет.

Жылда биз көргөзмө-жарманкелерди өткөрүп келебиз. Ага аталган министрликтен келип катышышат. Биз Министрлер Кабинетинен каражат жагынан жардам сурабайбыз. Бизге болгону моралдык жактан колдоо болсо дейбиз. Биз өткөргөн иш-чараларга келип, программаларын, каалоотилектерин айтып койсо жетиштүү. Бизге азыр бир гана өлкөнүн тынчтыгы керек. Мамлекеттин туруктуулугун сактап, башка мамлекеттер менен дипломатиялык алакаларды түзүп, анан биздикиндей жакшы саамалыктарды колдосо дейбиз.

Өкмөттүк эмес уюмдар агент эмес, алар кайрымдуулук иштерин жасашат

– Бизге окшогон өкмөттүк эмес уюмдар саясат менен алектенбейт, иши да жок. Ар биринин экономикалык багыттары бар. Мамлекет бул уюмдарга жагымдуу шарттарды түзүп берип, пайдаланыш керек. Министрлер Кабинети аларды өнөктөш катары кабыл алып, чогуу иш алып барса тоодой иштер бүтмөк. Азыр бизде тескерисинче, «өкмөттүк эмес уюмдардын баарын текшериш керек, алар салыктын астында отчёт бериши керек» дегени туура эмес. Чындыгын айтканда, өкмөттүк эмес уюмдар жеке фирмалардай эле кайрымдуулук иштерин жүргүзүшөт. Мисалы, биз улуттук каада-салттарыбызды, руханий баалуулуктарыбызды жандандыралы, чарба жүргүзүүнү окутуп-үйрөтөлү деп жүргөн иштерибизге кайрымдуулук иретинде каржылап беришет. Эгерде республика боюнча 30 миңдей ОЭУларда бештен киши иштегенде да, 150 миңден ашык киши жумуш менен камсыз болуп жатат. Эгерде мамлекеттин акчасы болсо бир жөн, анда текшеришсин. Эл үчүн керектүү идеяларды көтөрүп, иш жүзүнө ашыруу үчүн каржылап жаткандарды Эсептөө палатасы келип текшерсе, дүйнө жүзүнө ого бетер атагыбыз чыгат. Аларды текшерип, салык төлөтсө, бир дагы донор мындан кийин Кыргыз Республикасына келбейт. Мен түшүнөм, салык менен киреше толот. Бирок, мындай жол менен эмес да. Бул абдан кыска ойлуулук. Бүгүнкү күн менен жашабай, эртеңкибизди ойлосок.

Иштейм деген жаштар ак ниеттүү жана чынчыл болушу зарыл

– Президентибиз Садыр Жапаровго жаңы кадамдарды жасаш керек болуп жатат. Эски система менен эч качан өнүгө албайбыз. Жаштарды бийликке тартуу саясаты туура. Бирок, алардын патриоттуулук сезими күчтүү, ак ниет жаштардан болуусу керек. Себеби, азыр көпчүлүк жаштарыбыз финполиция, салык, бажы сыяктуу кадыр-барктуу органдарга гана барып иштөөнү каалабаса, анча-мынча айлыгы бар мамлекеттик мекемелерге иштегиси келбейт. Эгерде, максаты бир гана акча табуу болсо, андай жаштарды кызматка алып келүүнүн кереги жок. Мисалы, Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлигине айлык акынын аздыгынан эч кимдин келгиси келбейт. Министрликтердин ичинен азык-түлүк коопсуздугун чече турган эң маанилүү мекеме акыркы орундарда турат. Курсак ач болсо, алтынындын эмне кереги бар? Аталган мекемени артыкчылыктуу министрлик катары астыга коюп, кадыр-баркын, имиджин көтөрүп, кесипкөй адистерди тартканыбызда гана өлкөнүн айыл чарбасы өнүгөт.

Сатып-өткөрүү иштерин кооперативдер жүргүзүшү керек

– Органикалык фермерлердин саны улам көбөйүүдө. Аларды окутуп-үйрөтүү иштери жолго коюлган. Бизде өндүрүлгөн продукцияны кайда алып барып сатабыз деген бир гана маселе бар. Дүйнөлүк практикада органикалык продукциялардын баасы 20-30%га жогору болот. Мына ушул жерден биз мамлекеттин жардамына муктажбыз. Азыр тендер маселеси деген бар. Органикалык аймактан өндүрүлгөн продукцияны тендер аркылуу алуу үчүн органикалык сертификатты критерий катары киргизсе, тендерден утуп алганга мүмкүнчүлүк болмок. Ал эми тендердин талабы боюнча баасы арзан болушу керек. Көбүнчө Кытайдан, Казакстандан, Белоруссиядан келген баасы арзан продукциялар өтөт. Биз мамлекеттин анча-мынча акча каражаты менен өзүбүздүн айыл чарбасын эмес, башка мамлекеттердин экономикасын көтөрүп жатабыз. Ошондуктан, тендер боюнча мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизиш керек.

Мындан тышкары фермерлердин өндүргөн товарын сатып өткөрө турган кооперативдер түзүлүш керек. Эгерде кооперативдер бир идеянын тегерегинде түзүлбөсө, анда алар кооператив боло албайт. Биз түзгөн органикалык аймак деген коомдук бирикме келечекте кооператив болот. Кыскасы, өндүрүлгөн продукцияны өткөрүүдө кооперативдердин ролу зор.

Калктын 65%ы айылдарда турушат. Эгерде дыйкан-фермерлерди колдоп, айыл чарбасын өнүктүрсөк, дыйкандар бутуна турса, мамлекетке да түйшүк азыраак болот.

Этнотуризм да өнүгүүдө

– Этнотуризм, агротуризм багыттары органикалык аймактагы негизги компоненттеримиздин бири. Бүгүнкү күндө чет элден келген туристтерди тосо турган бардык шарттары менен жасалган конок тосуучу үйлөрүбүз бар. Органикалык даамдуу тамак-аштарыбыз менен эң мыкты кызмат көрсөткөнгө мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. 4 жыл мурда Америка, Африка, Түштүк Америка, Индия сыяктуу 14 мамлекеттен келген 86 туристти кабыл алып, конок үйлөрүбүзгө жайгаштырганбыз. Кыргыз Республикасын эч өнүкпөгөн, артта калган өлкө катары элестетип келген чет өлкөлүктөр “булар бизден да мыкты экен” деп тоолорго, сууларыбызга суктанышып, чарбаларды көрүп таң калып кетишкен.

Кечээги иш-чарага барган 30дан ашык делегацияны да Талды-Булак органикалык аймагындагы конок үйлөргө жайгаштырдык. Эки аймактын аралыгы жакын болгондуктан, салыштыра келгенде биринен-бири өтөт. Алардын ортосунда атаандаштык да абдан күч экен. Үйлөрдүн ичи эле эмес, сыртынын тегерек-четин да абдан кооздоп, олтургучтарды, селкинчектерди орнотуп, жагымдуу шарттарды түзүшкөн. Тоок баккан жайларын да, биздин «BiO-KG» Органикалык Кыймыл Федерациясынын “акыйкаттык, кам көрүү, ачык-айкын болуш керек” деген принциптерине ылайыкташтырып жасашкан. “Кам көрүү” принцибинде адамдар бири-бирине шарттарды түзүп берүү менен кам көрөт. Аларга жаңжаныбар, макулуктар да кирет.

Кыйналдык деп, кыйкырбайлы!

– Чектеш кошуналарыбыздын эле айылдарын кыдырып, биздин айылдар менен салыштырып көргөн адам бизде жашоошарт бир топ жакшы экен деп айтаар эле. Орто Азия боюнча Кыргыз Республикасында элдин жашоосу эң мыкты. Ошондуктан, биз эң сонун мамлекетте жашайбыз деп, тоолорубузду, сууларыбызды, бейиштин төрүндөй касиеттүү жерибизди сүйүп, барктап, анын өнүгүшүнө мен да өз салымымды кошоюн деген мекенчилдик, чынчылдык жана ак ниеттик сезим ар бир атуулда күчтүү болсо, мамлекет тез аранын ичинде өнүгөт. Биз керек болсо дүйнөлүк деңгээлде үлгү боло турган мамлекет болгонго мүмкүнчүлүктөрүбүз бар. Мисалы, Казакстанда пенсия абдан көп дегенибиз менен тамак-аш кымбат экендигин айткыбыз келбейт. Өзбекстанда жер реформасы болгондо мамлекет ар бир фермерге баланча гектар жер аянтына пахта эксең, түкүнчө пайызын мамлекетке төгөсүң деп план салып коёт. Бизде жер салыгы жылына 350 сом. Ал эми өзбек кошуналарда биздин сомго айландырганда 8 мин сомдон ашат. Муну да айткыбыз келбейт. “Жакшы өлкөнүн эли саякатчы, жаман өлкөнүн эли саясатчы” дегендей элдер азыр саясатты эле сүйлөп калышкан. Президентке карата оозубузга келгенин сүйлөйбүз. Мен булардын баарын эмнеге айтып жатам? Биз пайгамбар жашына келип калдык. Калыс, адилет кебибизди айтып, элге туура сөздү жеткирүү биздин парзыбыз. Сөздөн ишке өтөлү демекчимин. Бийлик тарапка жакшы сөз айтсаң, азыр кошоматчы деген сөзгө каласың. Буга чейин көп жерлерде, буйруган кызматтардын баарында иштедим. Колубуздан келген нерселерди жасадык. Азыр бийликке барып кызмат сурабайм, кереги да жок.

Эгемендүүлүктүн 30 жылдыгы кут болсун!

– Жуманын башында көз карандысыз, өз алдынча мамлекет болгондугубуздун 30 жылдык майрамын белгиледик. Суверендүү өлкө катары бир топ мамлекеттердин арасында желегибизди желбиретип, ат салышып жүрөбүз. 30 жыл ичинде жакшы, жаман окуялар болду. Экономикалык, саясий көйгөйлөрдү айтпаганда, эркин, демократиялуу өлкөдө жашоонун өзү чоң бакыт. Тилибиз, дилибиз жоголбосун. Элибизге тынчтык, өнүгүү жана бакубат жашоо каалайм. Эгемендүүлүгүбүздүн түбөлүгү түз болсун!

Бактыгүл КУЛАТАЕВА

2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чараларынын КАЛЕНДАРЛЫК ПЛАНЫ

(Башталышы 10-бетте)

16.	КРнын Президенти, КР ЖК, КРнын Министрлер Кабинети, БШК тарабынан жиберилген чакыруулардын негизинде байкоочуларды аккредитациялоо	Шайлоо дайындалгандыгы жөнүндө чечим расмий жарыялангандан кийин	БШК Мыйзамдын 10-бер. 1-бөл.
17.	Шайлоо комиссияларынын алдында коомдук байкоочуларды каттоонун шарттарын жана тартибин, каттоо жөнүндө документтин формасын белгилөө	Шайлоо дайындалгандан кийин	БШК Мыйзамдын 10-1-бер. 3-бөл.
18.	Коомдук байкоочуларды каттоо	Коммерциялык эмес уюмдар тиешелүү документтерди бергенден кийин жана шайлоонун натыйжалары расмий жарыяланган күнү аяктайт	БШК Мыйзамдын 10-1-бер.
	Шайлоочулардын тизмеси		
19.	Консулдук каттоого турган жана биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жактарда жашаган жана жүргөн шайлоочулар жөнүндө БШКга маалымат берүү	Добуш берүү күнүнө чейин 85 календарлык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 3-сентябрына чейин (кошуп алганда))	ТИМ, Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү тиешелүү дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн жана консулдук мекемелеринин жетекчилери, Мыйзамдын 14-бер. 6-бөл.
20.	Округдар, участоктор, райондор жана шаарлар боюнча түзүлгөн шайлоочулардын алдын ала тизмесин tizme.gov.kg мамлекеттик порталга жайгаштыруу	Добуш берүү күнүнө 80 календарлык күнгө чейин (2021-жылдын 9-сентябрына чейин)	БШК Мыйзамдын 14-бер. 4-бөл.
21.	Шайлоочулардын алдын ала тизмелерин участкалык шайлоо комиссияларына өткөрүп берүү	Добуш берүү күнүнө 75 календардык күн калганда (2021-жылдын 14-сентябрына чейин)	БШК, ОШК, УШК Мыйзамдын 14-бер. 7-бөл.
22.	УШКларда шайлоочулардын алдын ала тизмесин таанышуу үчүн илүү	Добуш берүү күнүнө 70 календарлык күн калганда (2021-жылдын 19-сентябрына чейин)	УШК Мыйзамдын 15-бер. 1-бөл.
23.	Шайлоочулардын арыздарын (шайлоочу жөнүндө ар кандай ката же так эместик аныкталган учурда) кабыл алуу	2021-жылдын 19-сентябрынан 12-ноябрына чейин (кошуп алганда) (Добуш берүү күнүнө чейин 15 календарлык күндөн кечиктирбестен)	УШК Мыйзамдын 15-бер. 2-бөл.
24.	Шайлоо дарегин өзгөртүү жөнүндө арыздарды кабыл алуу (Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жактарда жүргөн шайлоочулар гана үчүн)	Добуш берүү күнүнө чейин 15 календарлык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 12-ноябрына чейин (кошуп алганда))	УШК, БШК системалы администратору Мыйзамдын 15-бер. 3-бөл.
25.	Шайлоочулардын таанышып чыгуусу үчүн УШКларда шайлоочулардын контролдук тизмесин илүү	Добуш берүүгө чейин 30 календардык күн калганда (2021-жылдын 29-октябрына чейин)	УШК Мыйзамдын 15-бер. 4-бөл.
26.	Добуш берүү күнү стационардык дарылоо-алдын алуу мекемелеринде, шектүүлөр жана айыптуулар катары кайтарууда кармоочу жайларда, иш цикли үзгүлтүксүз ишканаларда (вахталык иштерде) болгон шайлоочулар, мөөнөттүү кызматтын аскер кызматчылары, аскер бөлүктөрүндө жашаган аскер кызматчылары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү жана башка адамдар жөнүндө шайлоочулардын тизмелерин түзүү, аларды ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жана тиешелүү УШКга өткөрүп берүү	Добуш берүү күнүнө чейин 12 календарлык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 15-ноябрына чейин (кошуп алганда))	Көрсөтүлгөн мекемелердин жетекчилери, МКК, УШК Мыйзамдын 14-бер. 5-бөл.
27.	Шайлоочулардын электрондук түрдөгү биротоло тизмелерин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга өткөрүп берүү	Добуш берүү күнүнө 10 календарлык күн калганда (2021-жылдын 18-ноябрына чейин)	БШК, Санариптик өнүктүрүү министрлиги Мыйзамдын 15-бер. 5-бөл.
28.	УШКларда шайлоочулардын биротоло тизмелеринин экинчи нускасын илүү	Добуш берүү күнүнө чейин 7 календарлык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 21-ноябрына чейин)	УШК Мыйзамдын 15-бер. 5-бөл.
29.	Шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмелерин БШКнын расмий сайтына жарыялоо жана участкалык шайлоо комиссияларынын орун-жайларынын алдындагы такталарга илүү	Добуш берүү күнүнөн кийин 7 календарлык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 6-декабрына чейин)	БШК, ОШК, УШК Мыйзамдын 35-бер. 23-бөл.
	Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн жана шайлоо процессинин башка катышуучуларын окутуу		
30.	Саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, ЖМК, укук коргоо органдары жана шайлоо процессинин башка катышуучулары үчүн окуу семинарларын өткөрүү	Шайлоо дайындалгандан кийин өзүнчө план боюнча	БШК
31.	ОШК, УШК мүчөлөрү, АЭУ жана шайлоочуларды идентификациялоо операторлору үчүн тренингдерди өткөрүү	Шайлоо дайындалгандан кийин өзүнчө план боюнча	БШК
	Бирдиктүү шайлоо округу боюнча талапкерлердин тизмелерин жана бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча талапкерлерди көрсөтүү жана каттоо		
32.	Шайлоого катышууну каалаган саясий партиялардын шайлоого катышаары тууралуу БШКга жазуу жүзүндө билдирме жиберүүлөрү	Шайлоо дайындалгандан кийин 5 календардык күндүн ичинде (2021-жылдын 3-сентябрына чейин (кошуп алганда))	Саясий партиялар Мыйзамдын 60-бер. 4-бөл.
33.	Талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жана аларга каттоо ырастамаларын же каттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөлүү чечимин берүү	Керектүү документтер түшкөн күндөн тартып 3 календарлык күндүн ичинде	БШК Мыйзамдын 19-бер. 4-бөл.
34.	Талапкердин жазуу жүзүндөгү арызынын же болбосо саясий партиянын сунуштамасынын жана ишенимдүү адам болууга макулдугу жөнүндө жарандын арызынын негизинде ишенимдүү адамдарды каттоо	Талапкер жазуу жүзүндөгү арыз же саясий партия сунуштама бергенден кийин	БШК Мыйзамдын 20-бер. 2-бөл.
35.	Депутаттыкка талапкерлердин тизмесин көрсөтүү	Шайлоо дайындалган күндөн тартып 45 календарлык күн калганда шайлоо күнүнө чейин аяктайт (2021-жылдын 13-октябрына чейин (кошуп алганда))	Саясий партиялар Мыйзамдын 60-бер. 1-бөл.
36.	Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча талапкерлерди көрсөтүү	Шайлоо дайындалган күндөн тартып 45 календарлык күн калганда шайлоо күнүнө чейин аяктайт (2021-жылдын 13-октябрына чейин (кошуп алганда))	Саясий партиялар Мыйзамдын 60^{1}-бер. 1-бөл.
37.	Бирдиктүү шайлоо округу боюнча талапкерлердин тизмелерин каттоо үчүн саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан тийиштүү документтерди берүүсү	Шайлоо күнүнө чейин 40 календарлык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 18-октябры, саат 18:00гө чейин)	БШК Мыйзамдын 61-бер. 1-бөл.
38.	Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттыкка талапкерди каттоо үчүн талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тиешелүү документтерди берүүсү	Шайлоо күнүнө чейин 40 календарлык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 18-октябры, саат 18:00гө чейин)	БШК Мыйзамдын 61-бер. 1^{1}-бөл.
39.	Депутаттыкка талапкерлерди, талапкерлердин тизмесин каттоо	Шайлоо күнүнө 30 календарлык күн калганда (2021-жылдын 29-октябрына чейин)	БШК Мыйзамдын 61-бер. 5-бөл.
40.	Саясий партиянын талапкерлердин тизмесин чакыртып алуу жана шайлоого катышуудан баш тартуу жөнүндө БШКга жазуу жүзүндө арыз берүүсү	Добуш берүү күнүнө чейин 10 календарлык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 17-ноябрына чейин (кошуп алганда))	Саясий партиялар Мыйзамдын 61-бер. 10-бөл.
41.	Талапкерлердин тизмесинде турган талапкердин, бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкердин шайлоого андан ары катышуудан баш тартуу жөнүндө БШКга жазуу жүзүндө арыз берүүсү	Добуш берүү күнүнө чейин 3 календарлык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 24-ноябрына чейин (кошуп алганда))	Талапкерлердин тизмесиндеги талапкер Мыйзамдын 61-бер. 10-бөл.
	Шайлоо алдындагы үгүт		
42.	Шайлоо алдында үгүт жүргүзүү	Бардык талапкерлердин, талапкерлердин тизмелерин каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып, добуш берүү башталганга чейин 24 саат калганда аяктайт (2021-жылдын 29-октябрынан тартып 27-ноябрынын саат 08:00үнө чейин)	Саясий партиялар, Кыргыз Республикасынын жарандары Мыйзамдын 23-бер. 1-бөл.

(Уландысы 15-бетте)

2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чараларынын КАЛЕНДАРЛЫК ПЛАНЫ

(Башталышы 14-бетте)

43.	Шайлоо алдында үгүт жүргүзүү үчүн акы төлөнүүчү эфир убактысын берүү	Талапкерлердин, талапкерлердин тизмесин каттоонун акыркы мөөнөтү аяктагандан кийин (2021-жылдын 29-октябрынан тартып 27-ноябрынын саат 08:00үнө чейин)	Телерадиоуюмдар Мыйзамдын 24-бер. 4-бөл.
44.	Кыргыз Республикасынын жарандарына, талапкерлерге, саясий партияларга үгүт иштерин жүргүзүү жана шайлоочулар менен жолугушуу укугун камсыздоо	Талапкерлердин, талапкерлердин тизмесин каттоонун акыркы мөөнөтү аяктагандан кийин (2021-жылдын 29-октябрынан тартып 27-ноябрынын саат 08:00үнө чейин)	АШК, Кыргыз Республикасынын БШКсынын атайын өкүлдөрү, мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Мыйзамдын 22-бер. 9-бөл.
45.	Ар бир шайлоо участогунун аймагында маалымат жана үгүт материалдарын илүү үчүн атайын орундарды берүү	Шайлоо дайындалган күндөн тартып 10 календарлык күндүн ичинде (2021-жылдын 8-сентябрына чейин)	ЖӨБО Мыйзамдын 27-бер. 3-бөл.
	Шайлоону каржылоо		
46.	**Шайлоо фондун түзүү:** - Өз шайлоо фондун түзүү үчүн банк мекемесинде атайын эсеп ачууга арыз берүү; - банк мекемесинде атайын эсеп ачууга уруксат алуу	Шайлоого катышуу жөнүндө БШКга/ ОШКга жазуу жүзүндө билдирме берүү менен кошо Атайын эсеп ачууга БШКдан/ОШКдан жазуу жүзүндө уруксат (маалымдама) алгандан кийин	Талапкер, Каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүл Мыйзамдын 41-бер. 5-бөл., "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарынын келип түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу тартиби жөнүндө" Жобонун (мындан ары - Жобо) 14-пункту Талапкер, Каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүл Мыйзамдын 41-бер. 5-бөл., Жобонун 16-пункту
47.	**Банк мекемесинде атайын эсеп ачуу:** - каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү дайындабаган бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлер тарабынан; - каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү дайындаган бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлер тарабынан - талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар тарабынан	Аларды талапкер катары көрсөткөн учурдан тартып каттоо үчүн документтерди бергенге чейин Шайлоо комиссиясы тарабынан каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүл катталгандан кийин Шайлоо комиссиясы тарабынан каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүл катталгандан кийин 5 календарлык күндүн ичинде	Талапкер, Мыйзамдын 41-бер. 5-бөл. Каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүл Мыйзамдын 19-бер. 3-5-бөл.,41-бер. 1-бөл. Каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүл Мыйзамдын 19-бер. 3-5-бөл., 41-бер. 1-бөл.
48	Шайлоо күрөөсүн төгүү: - талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар үчүн – мыйзамдарда белгиленген эсептик көрсөткүчтүн он миң эселенген өлчөмүндө; - бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлер үчүн – мыйзамдарда белгиленген эсептик көрсөткүчтүн миң эселенген өлчөмүндө	Шайлоо күнүнө чейин 40 календарлык күндөн кечиктирбестен, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18ге чейин (2021-жылдын 18-октябры, саат 18:00гө чейин)	Талапкерлер, саясий партиялар, Көзөмөлдөө-текшерүү тобу Мыйзамдын 61-бер. 1, 2-бөл.
49.	Талапкердин, саясий партиянын атайын эсебинде турган каражаттын келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө маалымат берүү	Жума сайын, ал эми КР БШКнын талабы боюнча – 24 сааттын ичинде	Банк же башка мекемелер, БШК Мыйзамдын 41-бер. 12-бөл.
50.	Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фонддорунун келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө финансылык отчётторду БШКга тапшыруусу	*Биринчи финансылык отчёт* - добуш берүү күнүнө чейин 10 күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 17-ноябрына чейин (кошуп алганда)) *Экинчи жыйынтыктоочу финансылык отчёт* - шайлоодон кийин 10 күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 8-декабрына чейин (кошуп алганда))	Көзөмөлдөө-текшерүү тобу Жобосунун 48-пункту
51.	Жеке жана юридикалык жактар менен эсептешүүлөр боюнча, ошондой эле атайын эсепте турган, чыгымдалбаган акча каражаттарын кайра кайтаруу боюнча бардык финансылык операцияларды токтотуу	Добуш берүү күнүнө чейин 5 календарлык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 3-декабрына чейин (кошуп алганда))	Көзөмөлдөө-текшерүү тобу Мыйзамдын 41-бер. 14-бөл.
	Шайлоо бюллетендери		
52.	Бюллетендин текстин бекитүү (Брайль ариби менен)	Добуш берүү күнүнө чейин 25 календарлык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 3-ноябрына чейин)	БШК Мыйзамдын 30-бер. 2-бөл.
53.	Шайлоо бюллетендерин мамлекеттик жана расмий тилдерде даярдоо	Добуш берүү күнүнө чейин 7 календарлык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 21-ноябрына чейин)	БШК Мыйзамдын 30-бер. 6-бөл.
54.	Шайлоо бюллетендерин округдук шайлоо комиссияларына өткөрүп берүү	Добуш берүү күнүнө 5 календарлык күн калганда (2021-жылдын 23-ноябрына чейин)	БШК Мыйзамдын 30-бер. 9-бөл.
55.	Шайлоо бюллетендерин участкалык шайлоо комиссияларына өткөрүп берүү	Добуш берүү күнүнө 2-1 календарлык күн калганда (2021-жылдын 27-ноябрына чейин)	ОШК Мыйзамдын 30-бер. 9-бөл.
	Добуш берүү тартиби		
56.	Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө шайлоочулардан арыздарды кабыл алуу	Добуш берүү күнүнө чейин 3 календарлык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 25-ноябрына чейин)	УШК Мыйзамдын 33-бер. 2-бөл.
57.	Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүүнү уюштуруу жана өткөрүү	Добуш берүү күнүнө чейин 1 календарлык күн калганда саат 08:00дөн 20:00гө чейин (2021-жылдын 27-ноябры)	УШК Мыйзамдын 33-бер. 2-бөл.
58.	**Добуш берүү**	**2021-жылдын 28-ноябры (саат 08:00дөн 20:00гө чейин)**	УШК Мыйзамдын 31-бер. 1-бөл.
	Добуш берүүнүн жыйынтыктарын жана шайлоонун натыйжаларын белгилөө		
59.	Шайлоочулардын добуштарын саноо (добуштарды саноо жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө биринчи кезекте бир мандаттуу округдар боюнча, андан кийин – бирдиктүү шайлоо округунда жүргүзүлөт)	Добуш берүү аяктагандан кийин дароо башталат жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилегенге чейин тынымсыз жүргүзүлөт.	УШК Мыйзамдын 35-бер. 3-1-бөл.
60.	Ар бир участок боюнча добуш берүүнүн укуктук мааниге ээ болбогон алдын ала маалымат болуп саналган жыйынтыктарын БШКнын расмий сайтына жайгаштыруу	Келип түшкөнүнө жараша	БШК Мыйзамдын 37-1-бер. 1-бөл.
61.	Ар бир шайлоо участогу боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорду БШКнын расмий сайтына жайгаштыруу	Добуш берүү күнүнөн тартып 18 календарлык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 16-декабрына чейин)	БШК, ОШК, УШК Мыйзамдын 35-бер. 23-бөл.
62.	Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө округдук шайлоо комиссияларынын протоколдорун БШКнын расмий сайтына жайгаштыруу	Добуш берүү күнүнөн тартып 19 календарлык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 17-декабрына чейин)	БШК, ОШК, Мыйзамдын 35-бер. 23-бөл.
63.	Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун натыйжаларын аныктоо	Добуш берүү күнүнөн тартып 20 календарлык күндөн кечиктирбестен (2021-жылдын 18-декабрына чейин)	БШК Мыйзамдын 37-бер. 1-бөл.
64.	Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун натыйжалары жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарында расмий жарыялоо	Шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып эки жуманын ичинде	БШК Мыйзамдын 64-бер. 8-бөл.
	Кайра шайлоо (дайындалган учурда)		
65.	Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын кайра шайлоону дайындоо	Шайлоо жараксыз деп таанылгандан кийин бир айдын ичинде	БШК Мыйзамдын 38-бер. 1-бөл.

2021-ЖЫЛДЫН 26-АВГУСТУНДА ӨТКӨРҮЛГӨН БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИН ШАЙЛООДО ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ ЖАНА ШАЙЛООНУН НАТЫЙЖАСЫ ТУУРАЛУУ ПРОТОКОЛДОРДУ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

2021-жылдын 26-августунда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 6-августундагы №643 токтому менен дайындалган Бишкек шаарынын мэрин шайлоо болуп өттү.

Бишкек шаарынын мэринин кызмат ордуна 1 талапкер – Джунушалиев Айбек Джанышбекович Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы жана Бишкек шаардык кеңешинин көпчүлүк коалициясынан сунушталып, катталган.

Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндөгү 2021-жылдын 26-августундагы протоколу менен Бишкек шаардык кеңешиндеги бардык 45 депутаты катышып, А.Д.Джунушалиев – 43 добуш, «бардык талапкерлерге каршы» позициясына – 2 добуш берилгендиги белгиленген.

Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын шайлоонун натыйжасы жөнүндөгү 2021-жылдын 26-августундагы протоколу менен Джунушалиев Айбек Джанышбекович Бишкек шаарынын мэри болуп шайлангандыгы аныкталды.

Бишкек шаарынын мэрин шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыгына жана шайлоонун натыйжасына арыз, даттануулар түшкөн жок.

2021-жылдын 26-августундагы Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын Бишкек шаарынын мэрин шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыгы жана шайлоонун натыйжасы тууралуу протоколдорунун негизинде, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине, «Борбордун статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 23-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2013-жылдын 26-декабрындагы №191 токтому менен бекитилген «Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлерин шайлоо тартиби жөнүндө» Жобосуна ылайык Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2021-жылы 26-августунда өткөрүлгөн Бишкек шаарынын мэрин шайлоодогу добуш берүүнүн жыйынтыгы жана шайлоонун натыйжасы тууралуу Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 26-августундагы протоколдору бекитилсин.

1.1. Бишкек шаарынын мэрин шайлоо өттү деп табылсын.

1.2. Джунушалиев Айбек Джанышбекович Бишкек шаарынын мэри болуп шайланды деп табылсын.

2. Бишкек аймактык шайлоо комиссиясы шайланган Бишкек шаарынын мэрине белгиленген үлгүдөгү күбөлүктү тапшырсын.

3. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2021-жылдын 30-августу, №667

2021-ЖЫЛДЫН 26-АВГУСТУНДА ӨТКӨРҮЛГӨН ОШ ШААРЫНЫН МЭРИН ШАЙЛООДО ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ ЖАНА ШАЙЛООНУН НАТЫЙЖАСЫ ТУУРАЛУУ ПРОТОКОЛДОРДУ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

